МОҢОЛДОРОВ Ш.К

КЫРГЫЗДЫН **УЛУТТУК** ОЮМ-ЧИЙИМДЕРИ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖУМУШЧУ КАДРЛАРДЫ ЖАНА ЭЭЛИК
КЫЛУУЧУ ИШКЕРЛЕРДИ ДАЯРДОО
БОЮНЧА МАМЛЕКЕТТИК КОМИТЕТИ

Республикалык илимий-методикалык борбору

МОҢОЛДОРОВ Ш.К.

КЫРГЫЗДЫН УЛУТТУК ОЮМ-ЧИЙИМДЕРИ

Республикалык илимий-методикалык борборунун жыйынында кесиптик окуу жайлары үчүн окуу куралы катары жактырылган

БИШКЕК
"КЕСИП"
1995

ББК 85. 12
М 77

Рецензенти Н.АСАНОВА, Кыргыз Республикасынын искусствосуна эмгек сиңирген ишмери, Сүрөтчүлөр Союзунун мүчөсү

Сүрөтчүсү Ш.К.МОҢОЛДОРОВ,элдик чебер

Моңолдоров Шейшембек Кебекович.

М 77 Кыргыздын улуттук оюм-чийимдери: Кесип.-техн. окуу жайлары үчүн окуу куралы Сүрөт. Ш.К.Моңолдоров; Кырг. Респ. жумушчу кадр. ж-а ээлик кылуучу ишкерлерди даярдоо б-ча мамл. ком., Кесип.-техн. билим берүүнүн илимий-метод. борбору-Б.: "Кесип", 1993. - 136 б

ISBN 5-86694-002-7

Бул китепте элдик уз-чеберлердин тээ атам-замандан берки онүгүп орчүп келе жаткан зор эмгектери топтоштурулду. Маанисин жана аталыштарын карылар гана билген кыргыз оюусунун эзелки баяндамалуулугунун сырын да ачып бермекчи. Ошону менен бирге азыркы учурда кыргыз оймосунда кеңири колдонулуп жүргөн оюу үлгүлөрү берилген. Китеп оз тутумунда 81 сүроттү камтыйт. Китеп корком онорго ыктызар ар бир адамдын көңүлүнөн түнөк таба алат.

М 4904000000-03 0,5-93 ББК 85.12

ISBN 5-86694-002-7

© Республикалык илимий-методикалык борборунун редакциялык-басма болүмү-"Кесип", 1993

© фирма "Учкун" 1993

КИРИШ СӨЗ

Кыргыз элинин өткөндөн калган бай мурастарынын бири - анын улуттук көркөм кол өнөрчүлүгү. Ал өзүнө гана таандык бөтөнчө таңгаларлык ажайып кооз сулуулукка ээ болуп, өзүнүн тарыхый тамырлары менен тээ атам-замандан бери өнүгүп-өрчүп келе жатат. Ата-бабабыздын эзелки көчмөн турмушундагы үй-тиричилигин көркүнө чыгарган элдик уздар жана чеберлер кийиз менен булгаары бетине, жыгач менен темир бетине кыргыздын улуттук оюм-чийимдерин түшүрүп, көз жоосун алган көркүү буюмдарды жаратып келишкен. Акыйкатта, ал буюмдарды улуттук оймо-чиймесиз көз алдыга элестетүү кыйынга турары жалпыга маалым.

Кыргыздын улуттук оюм-чийимдери турмуштун ар кыл шартына жана жергебиздин аймактык өзгөчөлүгүнө жараша кээде өзгөрүүгө учурап, кээде өнүгүү-өсүү жолунда болуп, байып-артып келет. Элибизден чыккан өткөндөгү уз-чеберлер бир эле аталыштагы оюу үлгүсүн бир канча көрүнүштө сүрөттөшүп, кыргыздын улуттук оймосун чексиз санга чейин жеткизишкен. Мында оймочу-уздардын, атап айтканда, кыргыз аялдарынын салымы зор. Жүн уютуп, кийиз жасоо, сайма сайып, кийим тигүү жана башка кол өнөрүнүн бүтүндөй көп түрүн аткаруу да кыргыз аялынын милдети болгон. Кыргыз оймо-чиймесиндеги орнаменталдык иероглификанын сыры болгон "баяндамалуулук" да ага таандык. Бул тууралуу төмөндө (YI бөлүм) кеп кылабыз.

Биздин заманга чейинки көркөм өнөр таануучу изилдөөчүлөр менен этнографтарды ыкма боюнча да, сюжет жана тематика жагынан да кабардар кылган негизинен аялдар экендиги талашсыз. Кыргыз элинин өткөн турмушунун "энциклопедиясы" болгон "Манас" эпосу да аялдардын эмгегине көптөгөн саптарын арнаганы, Манастын жубайы Каныкейдин да Манаска жана анын ишенимдүү кырк чоросуна жоого кийер мыкты касиеттүү кийимдерди тиге тургандыгын сүрөттөгөнү кокусунан эмес чыгар:

Токтоп туруп кебимди ук,
Кыркына кылдым кырк чопкут.
Узун чоро барсынар,
Узун үлгү салгамын.
Нускаңды мурун алгамын.

Кыска чоро барсыңар,
Кыска ченеп алгамын,
Кыска үлгүгө салгамын.
Ченеп алып баарыңды,
Кыргыл баштык карыңды,
Малдан ачып баарды,
Кыдырттым кыйла шаарды, -
Анжы менен Манжыдан,
Кара шаар, Камбылдан,
Чын-Мачындан, Кумулдан -
Бир мыскалы миң дилде,
Кыйбат баа кырмызы,
Кыдыртып жүрүп алдырып,
Кылабыма толгон соң,
Кырмызы жыйып болгон соң,
Кыргыздан чыккан миңинен,
Кылымдан ашкан биринен,
Ногойдон тандап миңинен,
Ойроттон озгон биринен,
Алтымыш келин, кырк кызга.
Алты кабат курдатып,
Кырк бир күндөн шырдатып,
Жакпаганын сөктүрүп,
Табак-табак болотко,
Албарс эгеп аралаш.
Арасына төктүрүп,
Кайыганда каранга.
Болоттон кылган шибеге.
Он-он бештен сындырган,
Кийгендин көөнүн тындырган[1]...

Эпосто кыргыз оюусунун мазмундук байлыгы менен уздар тиккен кийимдин аткарган эстетикалык кызматын айкалыштырып турган сыйкырдуу-кереметтүү мааниси жөнүндө да айтылат тура...

Элдик уз-чеберлер кыргыздын улуттук оюм-чийимдерин элдик көркөм кол өнөрчүлүктүн дээрлик бардык түрүндө кооздоочу каражат катары кеңири колдонушат. Эл ичинен суурулуп чыккан мыкты чеберлер өздөрүнүн учкул кыялын, терең ой жүгүртүүсүн, элинин үмүт-тилегин жана жердеген мекенинин кооздугун түркүн оюу-чийүүгө айландырышкан. Анан ар кыл жердик бетине көрктөп, кылдаттык менен жайгаштырып, кезегинде сырдуу тилдеги жазууларды жазышкан. Ал жазуулар (оюм-чийимдер) көп доорлорду басып, ар кандай өзгөрүүлөргө дуушар болуп, өнүгүп-өрчүп биздин күнгө жетти. Бирок, ошол оюу-чийүүлөрдүн айрым эски айкалыштары жана

1 "Манас" эпосу. - Ф,. "Кыргызстан", 1982, 92-б.



түрлөрү мезгил сынына туруштук бере албай унутула баштады. Ал оюу айкалыштары өзүнүн нукуралыгы менен өтө жөнөкөй, кыска, так жана салттуу. Анткени, көркөм оюм-чийимдер уюткулуу жүртубуздун өзгөчө бир катмарынын бир кездеги жазуусу сыяктанат деген ойлорду эл арасынан кулагыбыз чалып жүрөт. Андыктан, анын түйүнүн чечүү, тилин табуу, айрыкча, азыркы мезгилде ар кимдин эле колунан келе бербейт өндөнөт. Көкүрөгү баамчыл, сезимтал адамдар гана бул элдик оюм-чийимдер менен сүйлөшө алаары шексиз. Алар адам баласы таңгала тургандай кооз буюмдарды жаратуучу эл арасынан чыккан айлакер чеберлер. Бири ала кийизине кыргыз жайлоосундагы шаңдуу жашоону тартса, экинчиси өзүнүн туш кийизинде кызыл-тазыл түркүн гүлдөргө чулганган талаа-түздү сүрөттөйт. Дагы бири, тестиер чагында бабалардан уккан кызыктуу жомокту кездеме бетине саймалап, кылдаттык менен тил киргизген. Таң менен жарык дүйнөнү, токчулук менен молчулук өкүм сүргөн кайгымунсуз кубанычтуу күндөрдү ар бир уз өз чыгармасында чагылдырууга ашыккан. Өз өнөрүн жана бай тажрыйбасын муундан-муунга калтырып келишкен. Бара-бара ал чеберлердин аты-жөнү аталбай, жөн гана "чыгаан чебердин" жасаган буюму деген түшүнүк көрүүчүлөрдүн көңүлүндө уялап кала берген.

Ал эми, азыркы турмушта улуттук көркөм оюм-чийимдер өзүнүн баштапкы үлгүлөрүн өзгөртүп, алымча-кошумчаланып нечен түрлөнүп кетет да, мурдагы жараткан оймочу-уздун аты-жөнү унутулуп, бара-бара мезгил сабап жаңы көрүнүштү жана башка түшүнүктү камтыган айкын көркөм элестүү өзөктөр пайда болууда. Бирок, ошол ар кандай элестен түзүлгөн оюу-чийүүнүн түпкүлүгү баары бир шарттуу чындыкка барып такалат. Ошондуктан чыныгы элестерди чагылдырган көптөгөн оюу үлгүлөрү кыргыз оймосунун негизин түзөөрү анык. Эзелки оймочу-уз айлана чөйрөсүндөгү бардык жандуу нерселерди, өсүмдүктөрдү, тиричилик буюмдарын, жер-суу жана табият кубулуштарын, уламыш-жомоктордогу кереметтүү каармандарды өз кыялында кубултуп, көркөм элестүү оюу үлгүлөрүнө айлантып, жердик бетине түшүргөн. Демек, түбү чыныгы элестерди чагылдыруудан келип чыккан кыргыздын улуттук оюм-чийимдери элдик көркөм кол өнөрчүлүктүн бүткүл түрүнө бирдей катыш жасайт да, бири-бири менен мыйзам ченемдүүлүктө жалпы үндөшүп турат.

Өткөндөгү оймочу-уздар бирибирине сынчы келишип, бирибиринин чеберчилигин жана талантын ичинен баалашкан, алдыртадан туюшкан. Табиятынан өздөрү ээлик кылышкан сырларын бекем сакташкан. Аттиң, ошол улуу усталар менен уздардын көздөрү небак өттү го. Алардын көпчүлүгү мындай сырларды жаңа касиеттерди кулпулап кетишкендей туюлат. Ошентсе да, кылымдарды карытып ата кесиби уулга, эне өнөрү кызга өтүү салтка айланып, бул асыл өнөр өчпөстөн элибиздин зор энчисине айланды.

Урматтуу окурман, сиз колуңуздагы китептин беттериндеги ар түркүн оюу үлгүлөрүнө назар таштап, алардын бирибирине болгон жакындыгын, ыргактуу жарашыгын, жөпжөнөкөй айкалыштарын, эч кайталангыс кооз, ар кыл түскө чулган-

ган түзүлүштөрүн көрөсүз. Мүмкүн, сиз мурда тап-такыр көз алдыңызга учуратпаган оюу үлгүлөрүнө үңүлө карап, суктанасыз. Анткени, кыргыз оймосу көргөндү сөзсүз алгачкы ирет өзүнө тартпай койбойт.

Өткөн заманда кыргыз оймосун иликтеген изилдөөчүлөрдүн саны арбын эле деп айтуу кыйын. Кыргыздын улуттук оймосу эзелтеден эле чет-жакадан келип-кеткен изилдөөчүлөрдүн көңүлүн өзүнө бурдуруп келсе да, алардын ага болгон атайын кызыгуусу XX кылымда гана жаралды. Оюм-чийимдердин кээ бир үлгүлөрүн каттап, кыскача баяндап жазуу албетте, алда-канча мурдараак башталган. Бирок, ал изилдөөчүлөрдүн изилдөө иштеринин атайын сюжети боло алган эмес. Алардын башка багыттагы, кошулма сюжети гана болуп келген.

Венгер окумуштуусу Альмаши (Almasy Gyorgy) 1907-жылдары кыргыз оймосуна көңүл коюп карап чыгып, андагы "зооморфтук" оюулар "фитоморфтук" оюуларга караганда алдаканча эски экендигин жана "кочкор мүйүздөрдүн" басымдуулук кылаарын өзүнүн изилдөө иштеринде жарыялаган[1]. Башка изилдөөчүлөр да кыргыз оймосунда мындан бөлөк буралып-чиеленген жана ийри-имерилме түрлөрдүн бири-бирине болгон айкалыштарын аныкташкан[2].

"Бөлөк элдердин оймочулук өнөрүнө салыштырмалуу кыргыз оймосунда өзгөчө бир бөтөнчөлүк бар" - деп А.Н.Бернштам, С.М.Дудин, М.С.Андреев, М.Гаврилов, А.Роом сыяктуу изилдөөчүлөрдүн бир тобу белгилеп кетишкен. Ал бөтөнчөлүк кыргыз оймосундагы жандуу нерселерди, өсүмдүктөрдү, табият кубулуштарын жана тиричилик буюмдарын сүрөттөөчү оюу үлгүлөрүнүн бирибиринен дапдаана айырмаланып тургандыгында. Бирок, ошондой болсо да ал оюу үлгүлөрү бирибири менен оңой-олтоң айкалышып, жарашыктуу кооз композициялык курамдарды жарата алышат.

Өткөндөгү изилдөөчүлөрдүн бири С.В.Иванов кыргыз оймосундагы негизги оюу үлгүлөрү IX-XII кылымдардагы уруучулук мезгилдерде көчмөндөр чөйрөсүндө жаралса керек деген божомолдогон пикирин айткандыгын көркөм өнөр таануучу К.И.Антипина өз китебинде[3] белгилеген.

Кыргыз оймосундагы басымдуу орунду ээлеген зооморфтук[4] оюулар менен кыргыздар жердеген аймактардагы өткөн доордун "Саймалы таш" сыяктуу эстеликтеринин байланышы жана жакындыгы сөзсүз бар деп айтууга толук мүмкүн. Анткени "Саймалы ташты" байыркы аска сүрөттөрүндөгү кишинин, аттын, аркардын, текенин ж.б. айбанаттардын элестерин кыргыз оймосундагы чыныгы элестерди чагылдырган оюу үлгүлөрү кайталап турбайбы...

1 М.В Рындин. Киргизский национальный узор. Ленинград-Фрунзе, 1948.
2 Ушул эле китепти карагыз.
3 К.А. Антипина. Особенности материальной культуры и прикладного искусства южных киргизов. Из-во АН Кирг. ССР, Фрунзе, 1962, стр. 28.
4 Жаныбарларды сүрөттөөчү оюулар.

Мусулман чөйрөсүндө жандуу нерселерди сүрөттөп чагылдырууга ислам[1] тарабынан тыюу салынган өткөн учур чеберлер менен уздарды чыгармачылыктын шарттуу багытын көздөй мажбурлагандыгы эске түшөт. Ушундан улам, кийинчерээк кыргыз оймосунда да чыныгы элестерди эркин стилизациялоо жолунун кулач жайгандыгы ачык туюлат. Анын натыйжасында жаралган "беш манжа", "кишинин колу", "кишинин буту", "бугунун мүйүзү", "текенин мүйүзү", "аттын туягынын изи" ж.б. оюу үлгүлөрү буга далил. Булардын ичинен айрым оюу үлгүлөрү, маселен "кочкор мүйүз (кошкар мүйиз) оюму кыргыз-казакка бирдей тарагандыгы абдан кызыгарлык.

Изилдөөчү М.С.Андреев Памир жана Анжиян кыргыздарынын оюм-чийимдерин жыйнап, изилдеген. Ал көрүнүшү жана сүрөттөлүшү жагынан "кочкор мүйүзгө" өтө эле жакын "кайкалак" оюмун аныктаган. Ушундай эле оюу үлгүсү тажик оймочулук өнөрүндө да "хайкал" деген аталышта кеңири колдонулаарын айткан[2].

Ал эми кийинки изилдөөчүлөрдүн арасынан К.И.Антипина ушул эле "кайкалак" оюму түштүк Кыргызстандын кээ бир аймактарында "илмек" оюму деп аталаарын жана анын эки учу илмекке окшош сүрөттөлөөрүн жазган. "Кайкалак" оюму сыяктуу эле башка оюу үлгүлөрүн да бир аймактын уздары кеңири урунуп колдонушса, кээ бир аймакта дээрлик колдонулбайт. Буга "айлампа", "төрт кулак", "кайчы", "тайлак таман" өңдүү оюу үлгүлөрү кирет. Курак, таар, килем, сайма буюмдарынын ажарын ачкан "жылдызча", 6,7,8,9 желекчелүү гүлдү сүрөттөөчү "тогуз дөбө гүл" жана "күн" оюмдары деги эле бардык аймакта тең кездешет.

"Карга тырмак" оюму "каз аяк" деген ат менен да кыргыз уздарына маалым. Казак оймочулук өнөрүндө буга окшош "үч жалбырак" (үш жапырак) деген аталыштагы оюу үлгүсүнүн бар экендигин айта кетишибиз керек.

М.С.Андреев Памир кыргыздарынын оюм-чийимдерин изилдөө учурунда "кыял" оюмун көргөн. Орто Азияны жерден байыр алган көп элдерде мындай оюм "ислими" деген атта колдонулаарын жазып калтырган[3].

Кыргыздын элдик көркөм кол өнөрчүлүгүндө "кыял" (77-а сүрөт) оюму кооздоочу каражат катары кеңири колдонулуп жүрөт. "Кыял" оюмунун ар кыл көрүнүштөгү түрлөрү бар. Аны ар бир уз же чебер өзүнүн учкул кыялына ченеп, эркин төкмөлүүлүктө эргүү менен жаратса керек. Ошондуктан "кыял" оюмун кайсы буюмдун бетинен көрбөйлү анын түбөлүктүү бүтпөс кыймылды, жер үстүндөгү соолбос өмүрдү жана ааламдагы өз ара ынтымакташтыкты сүрөттөп тургандыгы көз алдыбызга тартылат. Узун тилкеге түшүрүлгөн (оюлган) бул оюм кыргыз оймосунун көптөгөн оюу үлгүлөрүн өз боюна камтыйт. Аны "кочкор мүйүз", "сынар мүйүз", "жалбырак", "карга тырмак", "каз моюн" ж.б. толуп жаткан оюу үлгүлөрү коштоп жүргөндүгүнө биз күбө бүз.

1 З.У. Джанибеков. Эхо. Алма-Ата, 1990, стр. 141.
2 М.С. Андреев. Орнамент горных таджиков и киргизов Памира. Ташкент, 1928, стр. 39.
3 Ушул эле китепти карацыз.

Башка оюмдар менен катар эле "калемпир", "бадам", "анар", "багжагай" ("карга канат"), "балаты" оюмдары "кыял" оюмун жандагандыгын жана түштүк уздарынын саймачылык өнөрүндө илгертеден эле арбын колдонулуп келе жаткандыгын көркөм өнөр таануучу А.Акматалиев да жазган[1].

Дегинкисин айтканда, 1917-жылдан кийин гана өзүнүн маданиятын жана өткөндөгүсүн таанып билүүгө болгон элдин умтулуусун жүзөгө ашыруу үчүн бардык мүмкүнчүлүктөр түзүлүп, кыргыз оймосу боюнча атайын изилдөө иштери жүргүзүлө баштагандыгы белгилүү. Тилекке каршы, кийинчерээк изилдөө иштери солгундагансып, анчейин натыйжасы көрүнбөгөн сыяктанат. Бирок, буга карабастан элибиздин көркөмдүк менен сулуулукка болгон табити артып, дүйнөлүк прогресске карай кол сунган чакта кыргыз оймосун изилдеп иликтөө иштери мындан ары да улантылып, улам жаңы үлгүлөр менен толуктала бермекчи.

Кыргыздын көркөм оймочулук өнөрү бардык аймактарга бирдей текши таралган эмес. Чет-жакадагы коңшулаш элдер менен тыкыс жашоодон улам алардын көркөм өнөрүнүн кыргыз оймосуна болгон таасирин ачыктан-ачык көрүүгө болот. Жерге-Тал (Тажикстан), Анжиян (Өзбекстан) кыргыздарында жана Кыргызстандын түштүгүндө өзбек жана тажик оюуларындагы үлгүлөргө окшош үлгүлөрдүн кыргыз оймосу менен жуурулуша моюн алышып тургандыгын байкайбыз. М: "пахта", "бадам", "кыргоол" ж.б. оюмдар кыргыз оймосунда оюу үлгүсү катары кызмат аткарышат. Алардын таасири кыргыз оюусун өз нугунан чыгара албайт. Бирок, жалпысынан алганда кыргыз оймочулук өнөрү баарынан мурда казак оймочулук өнөрүнө, айрым учурда каракалпак жана алтай оймочулук өнөрлөрүнө да өтө жакын. Ал эми Кызыл-Суу (Кытай Эл Респ.) кыргыздарында кыргыз оюусунун түпкү нукуралыгынын сакталып калгандыгы бизди кызыктырбай койбойт. Өткөндөгү башка элдер менен маданий жактан болгон тыгыз байланыштардын таасиринен улам кыргыздар алардын оюм-чийимдериндеги эзелки оюу үлгүлөрүн өздөрүнө сиңирип, оймочулук өнөрүндө чеберчилик менен колдонуп, кылдат уруна билгендигине күбө боло алабыз. Мындай жорук кыргыздарга өөн учураган эмес. Азыр кыргыз оймосу менен кошо жүргөн ар кандай үзүк сызыктар, төрт чарчы же көп бурчтуу формалар жана өсүмдүктөр элестеринин кээ бир айкалыштары буга мисал боло алат. А бул болсо, кыргыз оймосунун жаралуу жолунун ары узак, көп кырдуу жана абдан татаал экендигин көрсөтүп турат. Ошондуктан анын бардык тарыхый жаралуу жолдорун толук мүнөздөп чыгуу кыйын.

М.В.Рындин кыргыздын улуттук оймосун изилдөөчүлөрдүн алгачкыларынын бири. Ал 1934-жылы Кыргызстанга келип, кыргыз оюусунун көп кырдуу сулуулугуна көңүлү түшүп суктанат. Бир топ аймактарды кыдырып, көп сандаган оюм-көчөттөрдү жана кооз айкалыштагы оюу үлгүлөрүн өзүнө камтыган тиричилик буюмдарын сүрөткө түшүрөт. Кийинчерээк кыргыз оймосу боюнча материалдарды жыйноону

1 А. Акматалиев. Кыргыздын колдонмо-жасалга онорү, Фрунзе, "Адабият", 1989, 111-бет.

улантып, эл арасындагы уздар менен чеберлердин көркөм иштерин иликтей баштайт. Алардын чебердик бай тажрыйбасынын жана чыгармачыл изденүүлөрүнүн натыйжасында өзүнүн материалдарын толуктайт. Ал өзүнүн эскерүүсүндө: - "Мууздан-муунга мурас катары өтүп келе жаткан бай тажрыйбасы бар уз-саймачы Зуура Асырбекованын кыргыз оймосунун баяндамалуулугунун маанисин терең изилдеп үйрөнүүдөгү менин иштериме кошкон зор салымын айрыкча белгилеп өткүм келет. Алымбекова, Саитова сыяктуу эмгеги сиңген уздарга жана устаттарга, Муратбаева, Шералы Итбаев, Султан Дүйшөбаев, Керим Байбукеев, Райкан Иманбаева, Ташбүбү, Атабай Качаганов, Орозалый Сарыбаев, Шалпык Белекбаев, Садык Мураталиев, Кырбаш Боталиев, Бекмуратов Ашыр, Асаналы Нусубалиев, Абдрахман Курманбеков, Кудайбергенова, Сукен Сооронбаева, Байгелдиева, Токтобүбү Жанузакова, Жумагазы Эгембердиев сыяктуу кыргыз оймосу боюнча материалдарды жыйнап изилдөөдө мени менен бирге иш алпарган бардык чебер адамдарга көрсөткөн жардамдары үчүн чын жүрөгүмдөн алкышымды билдиремин" - деп жазат[1]. (Аталган уз-чеберлердин кээ биринин аты-жөнү, дарек-дайыны толук жазылган эмес. Автор.)

Жогоруда аттары аталган уз-чеберлер кыргыз оймосунун негизги оюу үлгүлөрүнүн сандык көлөмү жөнүндөгү изилдөөчүнүн элестетүү түшүнүгүн гана кеңейтпестен, алардын бири-бирине шайкеш келген түрлөрүн жана айкалышкан түзүлүштөрүн айкын көрсөтүшкөн.

Ал эми З.Асырбекова М.В.Рындинге чейинки бул багыттагы изилдөөчүлөр белгилеп кетпеген кыргыз оймосунун баяндамалуулугун ачып берип, ага чоң көмөк көрсөткөн. М.В.Рындин өз өмүрүнүн акырына чейин (ал 1945-жылы 13-февралда каза болгон) кыргыз оюусу боюнча топтогон мол материалын иштеп чыгып, өз колу менен басмага даярдаган. Анын китеби[2] 1948-жылы Ленинградда (азыркы Санкт-Петербург) басылып чыккан. Китепке оюу үлгүлөрүнүн бир нече түстүү жана көптөгөн жөнөкөй сүрөттөрү киргизилген. Ал сүрөттөр (оюм-чийимдер) өткөндөгү элдик уз чеберлердин калтырган теңдеши жок асыл мурасы экендигин турмуш өзү да далилдеп койду. Анткени, улуттук оюм-чийимдер элдик көркөм кол өнөрчүлүгүнүн көөнөрбөс көрөңгөсү, соолубас булагы турбайбы...

Кыргыздын улуттук маданияты үчүн жасаган М.В.Рындиндин зор мээнетине баа берүү менен автор анын эмгегин өзүнө ыйгарып алуу оюнан алыс жана бул оюм-чийимдер жалпы эле көркөм өнөр майданында ат салышууга умуткер, бүгүнкү дээринде шыктуу даремети бар ар бир кыргыз улан-кызынын чыгармачыл башаттарынын "ачкычы" болот деген ниетте.

Китептин сүрөттөрүнүн айрымдарын иретке келтирип, түс жагынан ачыгыраак кылып күчөтүүгө аракет жасадык. Бир аз гана өзгөртүү болбосо, сүрөттөрдөгү оюу үлгүлөрүнүн өз өлчөмдөрү да сакталды.

1 М.В. Рындин. Киргизский национальный узор. Ленинград-Фрунзе, 1948.
2 М.В. Рындин. Киргизский национальный узор, Ленинград-Фрунзе, 1948.

М.В.Рындин кыргыздын улуттук оймосун төмөнкү алты бөлүмгө бөлгөн.

1. Кыргыз оймосунун үлгүлөрү
2. Оймодогу түстүү сүрөттөр
3. Кыргыз оймосунун негизги оюу үлгүлөрү
4. Чыныгы элестерди чагылдырган оюмдар
5. Оюунун өркүндөө баскычы
6. Баяндамалуу оюу айкалыштарынын түзүлүшү

Бул алты бөлүм ич ара бирин-бири толуктап, өңчөй шарттуулукта үндөшүп тургандыгын көрөбүз. Ал тууралуу төмөндө баяндап чыгабыз.

Мындан сырткары, М.В.Рындиндин китебине мурда киргизилбеген жана азыркы учурда колдонулуп калк арасында жашап келаткан сейрек оюу үлгүлөрүнүн кыскача тизмеси сүрөттөрү менен берилди.

I БӨЛҮМ

КЫРГЫЗ ОЙМОСУНУН ҮЛГҮЛӨРҮ

1-сурот а. Ала кийиз

б. Шырдак

2-сурот а. Туш кийиз

б. Оймо-чийме (наар) түшүрүлгөн тери буюмдары

3-сурот а. Күмүш бетине оюу түшүрүү (сыя төгүү)

б. Жыгачтан оюлган буюмдар

4-сурот а.Чырмакчылык

б. Килем

Биз, кыргыздын улуттук оюм-чийимдеринин эң негизги үлгүлөрүн оюм-көчөттөр менен кооздолгон көркөм кол өнөрчүлүк буюмдарынын беттеринен көрө алабыз. Ала кийиз, шырдак, туш кийиз, килем, түр жүн оролуп чырмалган чийлер, тери, жыгач буюмдары жана күмүштөн, жездеи жасалган зер буюмдары ошолордун катарына кирет. Буларга жердик катары жүн, кийиз, ар кыл түскө боёлгон жиптер, тери-кайыш, түстүү металлдар, түрдүү жыгач ж.б. тандалат. Аталган буюмдардын колдонулуу багытына жана жердигинин өзгөчөлүгүнө жараша түшүрүлгөн оюулардын сүрөттөлүшүнүн өзгөртүлүп берилген учурлары бар. Бул өзгөчөлүктөр башка бөлүмдөрдө (кийинки) да кездешет.

Ала кийиздин (1-а сүрөт) өндөрү акварель боёгу сымал бири-бирине жуурулуша өтүп, бүдөмүк тартып, бетиндеги оюм-чийимдерди биротоло жаратылыш кооздугуна коошутуруп салгансыйт. Анын кооз оюуларынан биз уздун төптүк (симметрия) жана тактык менен чектелип калбаган бай кыялдануусун, эркин төкмөлүүлүгүн көрөбүз. Андагы ийри-буйру "кыя жолдор", "аркар мүйүз", "бугу мүйүз", "карга тырмак", "ит куйрук", "кереге көз", "тумарча", "кыял", "араа тиш" сыяктуу оюу үлгүлөрү өзүнүн

элпек, ийилчээк, тең салмактуу эмес (асимметрия) көрүнүшү менен кандайдыр бир шайма-шай кыймылды же кыргыз жайлоосундагы бир кездеги бакыбат жашоону көз алдыга тартат.

Ала кийиз кыргыз жергесинин кээ бир аймактарында "карала кийиз" деген ат менен белгилүү. Анткени, илгери эки түрдөгү гана кара, ак койдун жүнүнөн оюу түшүрүлүп жасалгандыктан улам ушундай аталып калса керек деп божомолдошот азыркы уздар. Ала кийиз жасоо эзелки ыкмалардын бири болуп саналат. Боз үйгө каланчу же атайын кийиз жасоо үчүн даярдалган чий жайылып, үстүнө кара жүн текши салынат. Анан башка өңдөгү жүндөрдөн анын үстүнө оюу түшүрүлөт. Ысык суу сээп, чийди тыкан ороп алган соң аркан менен таңылат. Бири тартып, калган улан-кыздар катар басып тепкилешет. Айрым учурда ортосуна баканды кошо сойлото ороп, кара жолдо атка сүйрөтөт. Кийиз кирип уюгандан кийин чийден чыгарып салып, кыз-келиндер чыканактап басышат.

Өткөн кездерде кол боёкторду колдонгон уздар азыркы түркүн химиялык боёктор менен ак жүндү сары, кызыл, жашыл, көк ж.б. ачык түстөргө боёп, ала кийиз менен шырдактардын оюуларын мурдагыдан да ажардуу кылып, кубултуп жасашууда. Түрдүү түстөгү жүндөрдү бири-бири менен айкалыштыра урунушууда.

Шырдакта (1-б сүрөт)болсо, ала кийиздегидей бүдөмүктүүлүк жок. Тескерисинче бөлөк-бөлөк түстөгү эки кат кийиз бир үлгүгө салынып оюлат да, эки түр бири-бирине кынапталат. Мында, оюлган түр кийиздин бири жердиктин (фон), экинчиси көркөм оюм-чийимдин милдетин аткарып, ачык айырмалуу түстөр шырдакты шаңдуу жана көрктүү кылып көрсөтөт. Кыргыз оюусунун үлгүлөрү кээде түстөр аркылуу бири-бирине айкалышып, кээде түстөрдүн аздыгына карабай шырдактын колоритин байытып, көркүнө чыгарат. Өңдөр менен оюм-чийимдердин ортосундагы шайкештик жана оюм тизмектериндеги жөнөкөйлүк менен көрктүүлүк кыргыз шырдагына мүнөздүү. Оюу сыяктуу эле кыргыз шырдагынын жаралуу жолу өтө узак. Кийизинин өңдөрү жана оюусунун үлгүлөрү менен ар аймактын шырдагы бири-биринен айырмаланат. Аны жасоонун да өзүнчө өзгөчөлүктөрү бар. Бир аймактын уздары шырып жасашса, кээси шырыбай жасашат. Кээ бир жерде "оймо текс" аталса, экинчи бир жерде "шырдамал" делинип жүрөт. Уздар кызыл-көк, кызыл-жашыл, кызыл-кара, кара-ак, кара-сары кылып, айырмалуу ачык өңдөрдү куюлуштура оюу ыргагын жана шайкештигин түзүшөт. Алардын ар биринин шырдагында кыргыз оюусунун туу чокусу болгон "мүйүз" оюму басымдуу орунду ээлейт.

Оюу үлгүлөрүнүн дээрлик баарын өз боюна тарткан тушка тартылуучу саймаланган кооз буюм - бул туш кийиз. Адатта, туш кийиздин эки жаны менен үстүнкү бөлүгү саймаланып, орто жерине бир же эки тумарча түшүрүлөт. Уздар туш кийиздин тумарчасынын (2-а сүрөт) бетинде "Умайдын" же болбосо жомоктогу касиеттүү жан-жаныбарлардын келбеттерин оюунун тили аркылуу сүрөттөп келишкен. Адам өмүрүн колдоочу периште сымал аял - "Умай эненин" туш кийиздердин жана зер буюмдардын беттеринде оюу катары сүрөттөлгөн учурлары

арбын кездешээрин айта кетишибиз керек. Аны кыргыздар адам баласына өмүр тартуулаган, мол түшүм менен сансыз мал-жандын ээси кылган жана жер-суунун, очоктун калканчысы, наристелердин сакчысы деп эсептешкен. Айрым учурларда "Умай"[1] Батма Зуура (Фатима) менен коштолуп айтылып жүрөт. Мындай жышана түрк элдеринин арасында кеңири тараган.

Туш кийиз саюуда уздар жерinен кара түстөгү жердикти тандашат. Анткени, сайма үчүн тандалган жиптердин түрүнүн молдугу жана кара түстөгү жердиктин түркүн оюм-көчөттөр менен айкалышкан жарашыгы туш кийизди асем жасалга катары абдан кооз көрсөтөт. Бул шайкештик сайманын түрдүү оюм-көчөттөрүн байытып, ажарын ачып, салтанаттуулукка үндөп тургансыйт. Туш кийиздин негизги оюмдарына жалпысынан кыргыздын улуттук оюм-чийимдерине мүнөздүү табиятты сүрөттөөчү ("күн", "жаңырган ай", "булак", "суунун айлампасы"), жандуу нерселердин сөлөкөттөрүн сүрөттөөчү ("беш манжа", "оймок боолуу бармак", "кочкор мүйүз", "карга тырмак", "кыргоол", "бугунун мүйүзү", "аттын изи", "төбөл", "ит куйрук", "жылан", "көгүчкөн" ж.б.), өсүмдүктөрдү сүрөттөөчү ("байчечекей", "кызгалдак", "тогуз дөбө гүл", "пахта", "жалбырак" ж.б.), тиричилик буюмдарын сүрөттөөчү ("аттын такасы", "мончок", "тумар", "боз үйдүн түндүгү", "кереге көз", "аркан", "көөкөр", "ай балта", "кашык" ж.б.) жана сыйкырдуу, кереметтүү элестерди сүрөттөп чагылдырган оюу үлгүлөрү кирет. Дегинкисин айтканда, кыргыздын сайма өнөрүндө өсүмдүктөр дүйнөсүн (фитоморфтук оюмдар) чагылдырган оюм-чийимдердин дээрлик басымдуулук кылаарын баамдайбыз. Саймада сыйкырдуу, кереметтүү элестерди чагылдырган оюу үлгүлөрү өтө сейрек камтылса да, жок деп айтуу кыйын. Уздар "Умай эне", "канаттуу тулпар", "зымырык", "кумайык" сыяктуу жомок каармандарын чебердик менен кубултуп оюм-чийимге айландырышкан. Ушул эле оюу үлгүлөрү кыргыздын баяндамалуу оюусунун да негизги оюу үлгүлөрү. Ал оюу үлгүлөрү саймада гана эмес, башка кооздолгон жердиктердин оймо-чиймесинде да кездешет. Маселен, сөйкө, тумар, желбиреөч, шакек, билерик сыяктуу күмүш буюмдарында жана килемдерде да ачыктан-ачык туюлат. Ар кыл образдагы каармандарга бай элдик жомоктор, уламыштар жана кыргыз жергесинин улуу сулуулугу менен кооздугу усталар менен уздардын узанып-узданууусуна эң чоң шыкак берген.

Туш кийизден башка чепкен, кементай, кемсел, шым, кеп такыя, чыптама, белдемчи өңдүү кийим-кечелер жана ат жабуу, текче, аяк кап, күзгү кап, кайчы кап, сүлгү сыяктуу нерселер сайма саюу аркылуу оймолонуп-чиймеленип, ажардуу кооз буюмга айланган. Чыгаан уздар күнүмдүк урунулуучу ар кандай баштык-үштүктөрдү, жада калса казан кармоочу туткучтарды да оймолоп-чиймелешкен. Аларды эли кармаган буюмдарынан, жараткан оюу үлгүлөрүнөн таанып, баркташкан. Тери, кийиз, таар сыяктуу жердик беттерине да ыргактуу жана ырааттуу сайма көчөттөрүн салышкан. Уздар тигил же бул жердикке сайма саюунун "илме сайма", "илме дос", "секиртме", "бастырма", "көптүрмө" ыкмалары менен оюм-көчөттөрдү түшүрүүдө

1 Мифологический словарь, СЭ: М:, 1991, 562-стр.

ирсттүүлүктү жана шарттуулукту сакташат. Алар түстөрдүн айкалышына жана оюм-көчөттөрдү так, ритмдүү жайгаштырууга өтө көңүл бурушат.

Биз ала кийиз, шырдак, туш кийиз беттеринде кездештирген оюмдарга өтө элс жакын, окшош оюмдардын үлгүлөрүн тери-булгаары буюмдарынан (2-б сүрөт) көрөбүз. Эл чеберлери көөкөр, көнөк, көнөчөк, саба, чанач өңдүү ар кандай сыймдуулуктагы идиштерди териден чебердик менен мыктылап жасашкан. Көнөккө бээ саалса, сабада кымыз ачытылган. Ал эми көөкөр менен чаначка сүт, айран жана кымыз сыяктуу азыктар куюлган. Кары адамдардын айтуусунда, "жакшы көөкөр көчтүн көркү" деген накыл кеп бар.

Көөкөргө түшүрүлгөн көз жоосун алган кооз оюм-чийимдер көргөндү суктандырбай койбойт. Көөкөрлөр ар кыл формада жасалып, бооруна түшкөн оюм-чийимдери да бири-биринен айырмаланат. Андан, "кочкор мүйүз", "кыял", "ийрек", "карга тырмак" ж.б. оюу үлгүлөрүн таанууга болот. Бул кооз идишти көчүп-конгондо жана мейман тоскон учурда атайын кымыз куюу үчүн колдонушкан. Көөкөрдү жасоодо чеберлер терини тандап алып, үлгүгө салып бычышкан. Аттын кылын же тарамышты теменеге саптап, кырларын көктөп тигишкен. Кептөө аркылуу көөкөрдү кейпине келтирген соң, сөөктөн же темирден жасалган ийрек (аспап) менен ныгыра басып, сызык-чийимдерди түшүрүшөт. Адатта, оймо түшкөндөн кийин көөкөр ыштыкка коюлчу. Моюну узунураак келип, кээде кулакчалар чыгарылып, түбү кенен болот. Көөкөрдүн кош ийини кочкор мүйүз тартып, ага кайталангыс көркөм көрүнүштү берип тургансыйт. Мурунку мезгилде мейман дасторконунун четинде көөкөрдөн тандайды тарткан бал кымыздын куюлушу кыргыз элинин меймандостугу менен сыйкордугунун күбөсү болгон.

Ал эми, көөкөрдүн өзүнүн элеси (28-и сүрөт) элдик көркөм кол өнөрчүлүктө, тагыраак айтканда кыргыз оймосунда оюу үлгүсү катары өзелтеден кызмат өтөөдө. Түркүн буюмдун бетине көөкөрдүн элесин чагылдырган көркөм оюмду берүү жөрөлгөлөрүн чечмелей турган болсок, ал токчулуктун символун туюндурат.

Чеберлер көнөк менен көнөчөктөргө да оюм-чийим түшүрүшкөн. Уздар болсо тери ийлеп, жаргактан кийим тигишкен. Жаргакты өңдөп саймалап, кооздоп эзелки уз-чеберлердин тиккен шымдарын жана бешманттарын азыр көргөзмөлөрдөн гана көрүүгө болот. Жаргакка сайма көчөттөрү түшүрүлүп, боз үйлөргө текчелер жана туштуктар да жасалган. Мындагы оюм-көчөттөр туш кийиз оюуларына үндөш келип, төргө тартылган туш кийиздердин ажырагыс бөлүгү катары сезилет.

Кыргыз чеберлери бодо малдын жана майда жандыктардын терилерин иштетип, кайыш (булгаары) даярдашып, турмуш-тиричилигинде кеңири урунуп, колдонуп келишкен. Ашатылып өңдөлгөн жана ийленип жумшартылган кайыштан ат жабдыктарынын дээрлик бут бөлүгү жасалчу. Ат жабдыктары өрүмчүлүк жана кайыкчылык ыкмалары менен аткарылып, өрүмчүлөрдөн да, кайыкчылардан да өтө зор чеберчиликти талап кылган. Маселен, тердик бетиндеги күмүш, жез шөкөттөргө жана

наар түшүрүлгөн оюу-чийүүлөргө назар таштасак, "аркар мүйүз", "сыңар мүйүз", "суу", "кыял", "жалбырак" оюмдарынын үлгүлөрү көз алдыга тартылат.

Чыгаан усталар кыз-келиндер үчүн ат жабдыктарын өзгөчө асемдеп жасашкан. Аларга арналып жасалган тердиктин үлгүсү да башкачараак келип, бетине түшкөн оюулары да бөтөнчө кылдат чеберчилик менен аткарылгандыгы башка тердиктердин үлгүлөрүнөн ачыктан-ачык эле айырмаланып, өзгөчөлөнүп тургандыгын баамдоого болот. Анткени, андагы сызык-чийимдер (оюм) өтө эле ичке жана назик тартып, ар түрдүү гүлдөр менен өсүмдүктөрдүн элестеринен түзүлгөн оюм-чийимдердин ийкемдүү композициясын түзөт. Кыз-келиндердин тердигинин кыргактары баркыт же жибек менен кыюуланып, сайма көчөттөрү түшүрүлүп кооздолгон. Негизинен туш кийиз оюмдарына жакын оюм-чийимдер менен саймаланып, жээктерине кундуз, калтар бастырылган.

Учурунда уюткулуу кыргыз элинин арасынан мыкты зергер-усталар чыккан. Күмүш, жез сыяктуу асыл металлдарды эритип, от менен кошо аралаштыра жууруган жана колдорунан көөрү төгүлгөн зергер-усталарды эли барктап, урматташкан. Кыргыздын улуттук оюм чийимдеринин үлгүлөрүн ошол элдик зергерлердин алтын колдорунан жаралган күмүш буюмдарынан көрүп жүрөбүз (3-а сүрөт). Эзелки убакта жасалып, азыркы биздин күнгө чейин сакталып келген күмүш буюмдарына түшүрүлгөн оюу-чийүүлөрдөн асмандын, жер-суунун ар кандай кубулуштарын сүрөттөгөн белгилерди, ырым-жырым символдорун жана айбанаттар менен өсүмдүктөрдүн сыйкырдуу-кереметтүү маанеге ээ түрлөрүн окууга болот. Усталар кыргыз аялдары үчүн шакек, билерик, иймек-сөйкө, желбиреөч, чолпу, чачпак, топчу сыяктуу буюмдарды акак таштар менен шуру-мончокторду чөгөрүп, асемдеп жасашчу. Кээде шакектин тамандарына таш чөгөрүлбөстөн, улуттук оюм-чийимдердин үлгүлөрү түшүрүлүп да кооздолгон. Күмүштөн жасалган мына ушундай асем буюмдарга "мүйүз" оюмдарынын түрүн, "карга тырмак", "кыргоол", "гүл", "жалбырак", "ай", "күндүн нуру", "буурсун тиши", "көөкөр", "мончок", "тумар" ж.б. оюу үлгүлөрү камтылган.

Зергер-усталар күмүштөй жалтырак түстүү асыл металлдан көк тиреген ак чокулуу мөңгүдөн агып чыккан мөлтүр тунук булактардын күн нуруна чагылыша жаркылдап, жалама зоодон мончок тамчыларга чачырап, тарам-тарам болуп ылдый кулап аккан шаркыратманын элесин көрө алышкан. Муну кыргыздын жарашыктуу кийинген, татына жүздүү, кериле баскан кыздарынын моюнуна арта салынып, көкүрөгүнө түшүп турган "желбиреөч" айгинелеп турбайбы. Ал эми күмүш сымал ак кабыктуу кайыңдар менен ак кар жамынып көкөлөгөн бийик карагайлардын арасындагы бадалдардын мөлтүрөп бышкан мөмөлөрүнүн элестерин түштүк деңиздеринен алынып келинген шурулар менен мончоктор эске салып тургансыйт. Ал шуруларды усталар асем буюмдарга чөгөрүп, улуттук оюу-чийүүлөр менен айкалыштыра жуурушуп, алардын көркүнө кайталангыс көрк беришкен.

Жыгач кармаган усталар улуттук оюу-чийүүлөр менен кооздоп, көркөмдөп үкөктөрдү, чыны каптарды, сандыктарды, жүк жыйуучу такталарды жана боз үйдүн каалгаларын чебердик менен жасашкан. Узануу үчүн алар жергиликтүү жагачтырдын ар кыл түрүн тандашып, терек, тал, арча, кайың жана өрүк жыгачтарын, айрым аймактарда карагай менен жаңгакты колдонушкан. Каалгалардын жана үкөктөрдүн улам бирин-бири кайталап турган оюуларынан ала кийиз, шырдак, туш кийиз өңдүү буюмдардын оюулары менен болгон жакындыкты, үндөштүктү туюуга болот. Бирок кийиздин жана сайманын оюм-чийимдерине караганда жыгач буюмдарынын оюулары биздин назарыбызга төптүк менен тактыкты сунат (3-б сүрөт). Кыргыздын улуттук оюу-чийүүсүнүн үлгүлөрүндөгү мындай тактыкты килем (4-б сүрөт) жана түр жүн оролуп чырмалган чийлердин (4-а сүрөт) оюуларынан жолуктуруп жүрөбүз. Айрыкча, үкөк менен боз үйдүн каалгасындагы оюлуп кесилген оюм-чийимдерде мүйүздөрдүн жупжуп болуп кайталанышы да, өсүмдүктөрдүн жана ар кыл гүлдөрдүн элестери да абдан жарашыктуу көрүнөт. Жыгач оюуларынын көлөмдүү томпок (рельеф) көрүнүшү бир жагынан жерге төшөлгөн ала кийиздин ийри-буйру оюулары менен жана экинчи жагынан чыгандын бурчтары чарчыланган так оюулары менен шайкеш келип, боёлбогон жыгачты өтө кооз, бай көрүнүшкө ээ кылып турат. Мына ошондуктан көркөмдүккө, сулуулукка табити бар ар бир кишиге жыгач буюмдары өтө кооз, урунуу үчүн абдан ыңгайлуу жана жөнөкөй сезилет.

Көчүп-конууда ыңгайлуу же жөн гана чыны салып, боз үйдүн эпчи жагындагы керегенин башында илинип коюлчу чыны капты усталар жыгачтан жана тал менен табылгынын чыбыктарынан өрүп же тизип жасашчу. Анын капкагы менен жээктерин көпчүлүк учурда "кыял" оюму менен кооздошкон. Мындан тышкары айыл усталары ээр, комуз чаап, кыл кыяк, темир комуздун кутусун жана тогуз коргоолдун тактасын жасай билишчү. Өз өнөрлөрүн улам кийинки муунга өткөрүп келишкен. Дасыккан чыгаан усталардын кармаган буюмдары да, ойгон оюулары да бөлөк устаныкынан айырмаланып өзгөчөлөнгөн. Ар бир устанын өзүнүн иш ыкмалары жана оюу үлгүлөрү болгону менен, алардын жасаган керемет буюмдарынын беттеринен кыргыздын улуттук оймо-чиймесине мүнөздүү гана оюу үлгүлөрүн баамдайбыз.

Өткөн замандын усталары менен уздары кыргыз боз үйлөрүнүн жайлуу, ыңгайлуу жана бышык болушун гана ойлонушпастан, аны көркөмдөөнү да унутта калтырышкан эмес тура. Анын уук-керегелери жана түндүк жыгачтары оюу-чийүү менен кооздолгон. Боз үйдүн жыгач-ташын жасоо үчүн, адегенде атайын даярдалган жыгачтар үлгүгө салынып жонулуп өз формасына келтирилет. Түндүк, кереге жыгачтарынын ички бетине, ууктардын аяк жагына усталар аспабы менен жылгачаларды түшүрүп кооздойт. Бул жылгачаны элдик усталар "кобул" (36-з сүрөт) оюму деп аташат. "Кобул" оюму жаргак кийимдерине да тиш аркылуу түшүрүлүүчү. Уздар жаргактан шым тигип, оюу салына турган жерин бүктөй кармап, кыдырата тиштеп чыгышкан. Натыйжада жаргак бетинде да жылгача түрүндөгү оюу пайда болгон. Ушундай эле оюмду бөлөк жыгач буюмдарынын беттеринен кездештирүүгө болот. Кээ

бир учурда "кобул" оюму өзүнүн түз сызыктуу абалын өзгөртүп, ийри-имерилме (меандра) сызыктуу көрүнүшкө ээ болгондугун көрөбүз. Ийри-имерилме сызыктуу оюулар кесе, аяк, чөйчөк, табак сыяктуу кырма идиштеринде көп учурайт. Ал эми кийиз менен саймада "кобул" оюму жылгача түрүн жоюп жиберип, сызыкча түрүнө оошуп кеткендигин белгилей кетишибиз керек. Бул учурда түрүн гана өзгөртпөстөн, аталышын да өзгөртүп, түз сызык - "суу", ийри-имерилме сызыктар болсо "кыя жол" (38-б сүрөт) оюму деген аталышка ээ болот.

Чий табияттын уздарга берешендик менен тартуулаган белеги. Кыргыз жергесиндеги талаа-түздүктөрдө арбын өсүүчү өсүмдүк. Бышып жетилгенде уздар аны тартып (чогултуп) алышат да, кургатып кабыгынан арылтышат. Тазалап бүткөндөн кийин тегизделет. Анан ар кыл түскө боёлгон жүн көңүлдөгү оюунун өңүнө жана композициясына жараша алдын-ала ийне учу менен белгиленген чектерге чейин оролуп чырмалат. Бакандын эки башын бекитип, сүйрү таштарга оролгон кылчык жүндөн же төө жүнүнөн ийрилген шоонаны ары-бери аласалдыра жүн оролгон чийди кезеги менен чырмап токуйт. Кээ бир учурда шоонаны териден тилинген көк менен алмаштырышат. Бул ыкма менен элдик уздар боз үйдүн кереге лерининин сыртына кала на турган канат чийине, чыгданга (4-а сүрөт) жана эшик чийге улуттук оймонун үлгүлөрүн түшүрүшөт. Ушул чийлерге түшкөн оюм-көчөттөрдүн көп түрдүү кайталангыс көрүнүштөрүнүн так жана төп чарчыланып жайгашышы килем менен терменин бетиндеги оюулардын өңдөрүнүн ачык, бири-бирине эриш-аркак жарашыгы менен үндөшүп, аны кайталап турганын көрөбүз. "Омуртка", "аттын такасы", "ала мончок" өңдөнгөн оюу үлгүлөрү эшик чий үчүн мүнөздүү болсо, "шайы" көчөттөр менен "тумарча", "кереге көз", "мүйүз", "буурсун тиши", "чынжырдын тогоосу" ж.б. оюу үлгүлөрү чыгданга мүнөздүү. Ал эми, канат чийге түшкөн көркөм оюмдар булардан өлчөмү жана көрүнүшү жагынан гана бир аз айырмаланат. Чий чырмакчылыкта кызыл, көк өңдөр басымдуулук кылып, андагы оюу-чийүүлөрдүн ажарын ачат. Ак, кара, сары, жашыл өңдөр болсо көпчүлүк учурда аларга жандооч өң катары экинчи баскычта кызмат кылуу менен чийдин көркүнө көрк кошот.

Килемдин (4-б сүрөт) бетинен кыргыз оюусуна таандык оюу үлгүлөрүнүн дээрлик көпчүлүгүн көрүүгө болот. Бул көркөм оюм-көчөт түшүрүлүп колго токулган, үй ичин жасалгалоочу түктүү буюм. Андагы оюмдардын төптүк менен жупташкан жайгашуусу жана орун алышы кийиз, туш кийиз оюуларынан кескин айырмаланат. Килем токууда деле негизинен эзелтен берки элдик мүнөзгө ээ болгон жана өрмөкчүлүктө, чий чырмакчылыкта кеңири колдонулуп жүргөн көркөм оюмдар сакталган. Мындагы бир бөтөнчөлүк көркөм оюмдардын бурч чыгарылып чарчыланып түшүрүлүшү. Килем оюмдарынын негизин түзгөн "кош мүйүз", "кулжа мүйүз", "туура мүйүз", "сыңар мүйүз", "кабырга", "омуртка", "кашка жиликтин башы", "жылкынын картасы" сыяктуу мал чарбачылыгына байланышкан оюмдарды түштүк кыргыздары килем токууда арбыныраак колдонушкан. Канаттуулардын элесин чагылдырган "каркыра", "куш канат", "карга тырмак", "жагалмай", "бүркүт", "карлыгач" оюмдарынын да кооз түрлөрү

бар. "Ит таман", "ит куйрук", "тогуз дөбө гүл", "бадам", "ай гүлү", "кызгалдак", "пахта", "мисте", "жүзүм", "куу бутак", "кереге көз", "ала мончок", "табак оюм", "көөкөр", "тумар", "кишен" өңдүү оюмдардын үлгүлөрү килем оюуларына да таандык. Ошондуктан килем да өзүнө гана тийиштүү көркөмдүк өзгөчөлүгү, боёкторунун кооз ширелүүлүгү жана оюмдарынын айкалышкан шайкештик жарашыгы менен элибизге таандык көркөм мурастардын ичинен мерчемдүүсү болуп калды.

Килем токуучулук - Түштүк Кыргызстандын элдик чыгармачылыгындагы сыймыктанар өнөрлөрдүн бири. Түштүк чеберлери килемдер менен катар боз үйдүн кереегесинин жана эшигинин сыртына тартыла турган жасалгаларды, жабык баш, аяк кап, күзгү кап, куржун өңдүү буюмдарды, ээр үстүнө салынуучу килем - көрпөчөлөрдү оймолоп-чиймелеп токушкан. Мындай түктүү буюмдарды токуу менен бирге, биз жогоруда санап өткөн буюмдарды башка аймактарда түксүз таар согуу ыкмасы менен да жасашат. Ушундан улам килем оюулары менен таардын оюулары көрүнүшү жагынан да, түзүлүшү боюнча да бири-бирине өтө жакын деген чечимге келебиз.

Башаты эл ичинен башталган өнөр азыр атайын килем токуу заводдорунда улантылып, кыргыздын кооз килемдери көп санда чыгарылып калк мүдөөсүн канааттандырууда. Бирок, андагы оюм-чийимдердин чырмалышкан татаал айкалышы же тескерисинче, бөлөк-бөтөн оюу үлгүлөрү менен аралашкан чаржайыттыгы эзелки жазууну (пиктограмма), тагыраак айтканда кыргыз оюусунун баяндамалуулугун жоюп, көркөм кооздуктун гана милдетин аткара алат.



а.

б.

1-сурет.



а.

б.

2-сурет.

а.



б.

3-сурөт.

а.

б.

4-сурет.



II БӨЛҮМ

ОЙМОДОГУ ТҮСТҮҮ СҮРӨТТӨР

(5-13-суроттор)

Кыргыздын ак өргөөсү анын улуттук оюм-чийимдеринин эң кооз үлгүлөрүн өз капшытына калкалап, эзелтеден бүгүнкү күнгө чейин сактап жеткизген казына катары зор милдетти аткарды. Анткени, ак өргөөнүн ичинен оюу-чийүүсүз кооздолгон буюмду көзгө урунтуу кыйын деп тайманбай эле айтууга болот. Төргө төшөлгөн ала кийиз, шырдак, таар, тушка тартылган туш кийиз, килем, керегелердин сыртына каланган кооз канат чий, чыгдан, ууктарга байланган жабык баш, тизгич ж.б. ушул өңдүү ажайып кооздукка чулганган буюмдар табияттын кызыл-тазыл түстөрүнө жуурулушкан кыргыз оюусунун эң мыкты үлгүлөрү менен каныктыра сугарылган. Ал гана турсун ак өргөөнүн кош каалгасы, уук-керегеси, түндүгү, үзүк-туурдугу, түндүк жабуусу жана эшик жабуусу көргөндүн көз жоосун алып, усталар менен уздардын чебердигинен дарек бергенсийт. Үй ээсинин зоболосун көтөрүп тургансыйт.

Жапжашыл төрдүү жайлоодо тигилген жеткиленүү жасалгаланган боз үй ак чокулуу тоонун ажырагыс бөлүгү сыяктуу сезилет. "Мейли жай мезгилинде, мейли кыш мезгилинде болсун боз үйсүз тоо баамчыл кишиге томсоруңку көрүнөт" - дешет карылар. Көргөзмөлөргө коюлган же болбосо шаардын көчөлөрүнө тигилген боз үй көк жайыкка тигилген боз үйгө таптакыр окшобойт. Анткени, азыркы шаарлардагы көк тиреп заңгыраган архитектуралык жайлардын кычыгында кысылган боз үй жайлоонун эркин оюн салган сыдырым жели менен көз кайыткан мейкиндиктеринин жана андагы гүлдүү өрөөндөр менен күмүш түстүү булактардын жетишсиздигинен улам жетимсиреп тургансыйт...

Бул бөлүмдө чыныгы элестерди чагылдырган оюмдардын үлгүлөрүнө ээ же, тагыраак айтканда, боёктордун таасири астында оюм-чийимдердин өз өзгөчөлүктөрүн өзгөртүп жиберүүчү көрүнүштөрүн көрсөтүүчү түстүү оюм-сүрөттөр камтылган:

5-сүрөт. а, б. Шырдак
6-сүрөт. а, б, в. Кийиз курак
7-сүрөт. а, б. Кийиз курак
в. Курак жана сайма
8-сүрөт. а, б. Сайма
9-сүрөт. а, б. Килем
10-сүрөт, а, б, в. Сайма
11-сүрөт. а, б. Сайма
12-сүрөт. а, б. Сайма
13-сүрөт. Сайма.

Уз оюудагы түстүү сүрөттөрдү түзүү үчүн эки же үчтөн көбүрөөк өңгө боёлгон кийизди үлгүгө салып оюп, бири-бирине жупташтыра кынаптап, кооз шырдактарды шырыган. Түрдүү жүндөн оюу салып, түркүн ала кийиздерди уюткан. Кийиздин, терининн (жаргак) же бирдей өңдөгү кездеменин бетине ар түрдүү түстөгү жиптер менен саймалап оюу салып, ажайып кооздукту жараткан. Килем токуп, чий чырмаган. Мына ушул көз жоосун алган көркүү буюмдардын беттеринде чыныгы элестерди чагылдырган оюмдардан түзүлгөн түстүү сүрөттөрдүн айкалыштары өткөн заманда кыргыздар боёк менен сүрөт тартпаса да живопись сыяктуу өнөрдүн болгондугун айгинелеп тургансыйт. Муну 12-а, б сүрөттөн даана баамдап, аңдоого болот.

Кыргыздардын башка элдер менен болгон өткөндөгү маданий жактан алышбериш катнаштарынын таасирин 13-сүрөттөгү көк түстөгү жибек кездемеге сайылган саймадан ачыктан-ачык туюуга болот. Мындан биз түс жагынан да, ыкма боюнча да уздун жаңыча изденүүсүн жана бөтөнчө эргүүсүн көрөбүз. Бул жагынан Чыгыш (кытай, дунган) элдеринин көркөм өнөрүнө болгон жакындык көрүнүп турса да, тематика жана сюжет жагынан улуттук көркөм өнөрдүн нугу сакталып калган. Анткени, элдик ооз эки чыгармачылыкта "чабалекей менен жылан" жөнүндө айтылган уламыштар бар.

Оймодогу түстүү сүрөттөрдү карап отуруп, көпчүлүк учурда кыргыз оймосунун мазмундук маңызында ырааттуулуктун бара-бара жоюлуп кеткендигин көрүүгө болот. Ушундан улам негизги оюу үлгүлөрүнүн башка көрүнүштү же башкача сүрөттөлүштү чагылдырып тураары анык. 7-в, 10-б сүрөттөрдөгү "аркар мүйүз", "теке мүйүз", "жалбырак" оюмдары таптакыр бөлөкчө сүрөттөлүшкө ээ болгон. Бул оюу үлгүлөрү өздөрүнүн жупташкан так көрүнүшүн жоюп жиберип, төп келишпеген ийилчээк көрүнүшкө өтүп кеткен. Ал эми "жалбыректын" ортосунда сүрөттөлүүчү "кайык" (7-в, 10-б сүрөттөр) менен Тянь-Шань кыргыздары эзели көрбөгөн түндүк бугусунун мүйүзүнүн (7-а, б сүрөттөр) кыргыз оймосунда чагылдырылышы кыргыздардын алыскы Энесай менен болгон абалкы байланышын далилдеп турат жана чоң кызыгууну туудурат.

Бул бөлүм кишинин, төөнүн, иттин, аркардын, бугунун, эшектин, илбирстин, текечердин, кыргоолдун, чабалекейдин, жыландын оюу-чийүүгө айланган түстүү келбеттерин биздин назарыбызга сунат. Өзүнүн болгон кооздугу менен, түстөрүнүн ширелүүлүгү менен килем жана чий оюмдарына үндөшпөгөн оюм-чийимдер жан-жаныбарларга мүнөздүү кыймыл-аракеттерди так жана таамай көрсөтөт. Буга өзгөчө бугу менен илбирстин (7-а сүрөт) абдан жеңил, элпек кыймылын, улактардын (8-б сүрөт) секирип оюн салышын жана төөлөрдүн кербенинин (9-б сүрөт) илең-салаң жүрүшүн сүрөттөгөн көрүнүштөр мисал боло алат.

Биз түстүү сүрөттөрдөгү оюм-чийимдердин жаралуу процессинен ойдон чыгарылып тетири багытты туюнткан элестерди эмес, жаныбарлардын келбетин жарым-жартылай сүрөттөп чагылдыруу жолу аркылуу жаралган сюжетти көрүп турабыз. Бул болсо кыргыз оймосунун негизги оюу үлгүлөрүнүн түзүлүшүнүн жана баяндамалуу кыргыз оймосунун өнүгүшүнүн негизги багыты болуп эсептелет. Баяндамалуу кыргыз оймосу өз кезегинде "орнаменталдык аңгеме" болуп келген. Бирок, анын көркөмдүгү абдан так, бир кыйла таасирдүү жана түстүү текст менен күчөтүлгөн. Оюудагы айкалыштардын жеткиленди ги жана мүнөздүү өзгөчөлүктөрү эзелки "кыргыз оймосунун" түпкүлүгүн чагылдырган белгилери болуп эсептелет.

Көпчүлүк учурда, кыргыз оймосунда түстөр тизмегинин жеткилең эместигинин келип чыгышын жана негизги басымдуу түстөр болуп кызыл, көк, сары, ак эсептелээрин, жашыл менен караның дээрлик аз катышкандыгын баамдайбыз. Ал эми, кара түс башка негизги түстөргө (оюмдарга) жердик катары кызмат кылган учурлар арбын учурайт.

Эзелки уздарга да түстөрдүн мазмундуулугу маалым болгон. Алардын саймаларында көк түс ачык асманды жана чалкып жаткан кыргыз бермети - Ысык-Көлдү, кызыл түс - жалынды жана чубалжыган кырка тоолорду туюнтат. Ал эми, айрым туш кийиздердин бетин бербеген сары түс - Кыргыз Ала-Тоосунун түштүгүнө чейин созулуп жаткан учу-кыйырына көз жеткис чөлдү билдирет (Ош тарапты кыргыздар эзелтеден чөл деп коюшкан. Автор).

Ошентип, түстөр кыргыз оймосунда чоң милдетти аткарган. Көк, кызыл, сары түстөрдөн бөлөк ак, кара, жашыл түстөр да ар кандай маанини, белгини туюнткан. Мисалы, жашыл түстөгү сүрөттөлгөн "аркар мүйүз" оюму байлык менен дөөлөттү туюндурса, кээ бир композициялык оюу айкалыштарында "аттын такасы" оюму менен кошо сүрөттөлгөн кызыл түстөгү "аркар мүйүз" оюму - "меймандарга арналып мал (аркар) союлду" деген түшүнүктү камтыйт. Же болбосо, үч төөнүн (9-б сүрөт) үч башка түстө сүрөттөлүшү буга далил. Мындан биз төөлөрдүн кожоюндарынын же артылган жүктөрүнүн даражасын айрып билишибиз мүмкүн.

Ушул сыяктуу далилдүү мисалдар кыргыз оймосунун төмөнкү бөлүмдөрүндө да айкын болот.



а.



б.

5-сурет.

а.

б.

в.

6-сурет.

а.



б.

в.

7-сурет.

а.

б.

8-сурәт.



а.

б.

9-сурет.

а.

б.

в.

10-сурәт.



а.

б.

11-сурөм.

а.

б.

12-сурет.

13-cypəm.

III БӨЛҮМ

КЫРГЫЗ ОЙМОСУНУН НЕГИЗГИ ОЮУ ҮЛГҮЛӨРҮ

(14-39-сүрөттөр)

Өзүнүн мазмундук маңызы боюнча кыргыз оймосунун белгилүү болгон жана айкалышкан 3500 үлгүсү чындыгында "Манас" эпосунун жүздөгөн миң саптарынан калышпайт. Ошондуктан кыргыздын улуттук оймосу да эпос сыяктуу эле элдин эң зор энчиси болуп эсептелет.

Биз, бул бөлүмдө, бири-бирине жарашуунун жана шайкеш келүүнүн так мыйзамдарына ээ болгон оюу үлгүлөрүнүн абдан мол экендигине күбө болобуз. Бул ажайып оюу үлгүлөрү мектептин жана кесиптик окуу жайларынын окуучуларына, бүгүнкү оймочу-уздарга, уста-чеберлерге, сүрөтчүлөргө, архитекторлорго кыргыздын "оюу алиппеси" катары чоң көмөк көрсөтмөкчү. Ал гана эмес, көптөгөн жылдар бою анчейин этибарга алынбай келген кыргыз оймосунун "баяндамалуулугунун" сырын ачып берүүгө биринчи кадам жасамакчы.

Кыргыз оймосу М.В.Рындиндин топтогон материалдары боюнча бир оюу үлгүсү экинчиси менен айкалышып үч жарым миңден ашыгыраак орнаменталдык сюжетти түзгөн 173 негизги оюу үлгүсүнөн турат жана төмөнкү төрт топко бөлүнөт:

1. жаныбарлар дүйнөсүн чагылдырган - 98,
2. өсүмдүктөр дүйнөсүн чагылдырган - 20,
3. жер-сууну, табият кубулуштарын чагылдырган - 10,
4. тиричилик буюмдарын (39) жана диний нерселерди (6) чагылдырган - 45 оюу үлгүсү.

Ал эми килем менен чийде негизинен табиятты жана жаныбарлар дүйнөсүн чагылдырган - 43, өсүмдүктөр дүйнөсүн чагылдырган - 5, тиричилик буюмдарын чагылдырган - 16 оюу үлгүсү камтылган. Баяндамалык маанисин өзгөртүүдө туруктуу аталыштары өзгөрбөгөн оюу үлгүлөрү да бар. Буга 38-сүрөттөгү төмөнкү оюмдар кирет:

а. мүйүз,
б. кыя жол,
в. чач теңге (аялдардын өрүлгөн чачынын уч жагына бекитиле турган атайын көркөмдүк буюм).
г. тумар.

Мындан тышкары беш булуң жылдыз (39-а сүрөт), орок жана балка (39-б сүрөт) сыяктуу советтик мурдагы туюнтма белгилер кыргыз оймосуна негизги оюу үлгүсү катары кирген.

Бул бөлүмдөгү негизги оюу үлгүлөрү өзүнүн суктанарлык ажайыптыгы менен өзүнө тартат. Эмесе аларды талдоого өтөлү:

Табиятты сүрөттөөчү оюу үлгүлөрү: Жандуу нерселердин элестерин сүрөттөөчү оюу үлгүлөрү:

14-сүрөт

а. Күн
б. Күндүн нуру
в. Толгон ай
г. Жарты ай
д. Жаңырган ай
е. Кароолонгон ай
ж. Булак
з. Булут
и. Жалын
к. Айлампа

15-сүрөт

а. Киши
б. Кишинин башы
в. Кишинин эрди
г. Кишинин кашы
д. Беш манжа
е. Наар (бармак башындагы ийри сызыктар)
ж. Оймок боолуу бармак
з. Аркар
и. Аркардын башы
к. Аркардын куу башы

16-сүрөт

а. Аркар мүйүз
б. Аркардын туягынын изи
в. Аркардын мүйүзүнүн аралык көрүнүшү
г. Койдун башы
д. Койдун мүйүзү
е. Бугу
ж. Бугунун башы
з. Бугунун мүйүзү
и. Жаш бугунун мүйүзү
к. Ак бугунун башы

17-сүрөт

а. Ак бугунун мүйүзү
б. Багыштын мүйүзү
в. Багыштын туягынын изи
г. Тоо теке
д. Тоо текенин башы
е. Тоо текенин мүйүзү
ж. Серке (бир жылдык текечер)
з. Тоо текенин куу башы
и. Тоо текенин астыңкы жаагы
к. Текенин астыңкы жаагы

18-сүрөт

а. Текенин башы
б. Текенин мүйүзү
в. Уйдун башы
г. Уйдун мүйүзү
д. Аттын башы
е. Аттын изи
ж. Билерик (жылкынына аягындагы туурасынан кеткен шакекче)
з. Кашка жилик
и. Эттүү кашка жилик
к. Жылкынын картасы

19-сүрөт

а. Жылкынын жүрөгү
б. Жылкынын карды
в. Төбөл (малдын мандайындагы кашкасы)
г. Кой
д. Топоз
е. Төө
ж. Нар (бир өркөчтүү төө)
з. Ит
и. Иттин таманы
к. Ит куйрук

20-сүрөт

а. Илбирс
б. Илбирстин астыңкы жаагы
в. Карышкыр
г. Сүлөөсүндүн тырмактары
д. Жолборс
е. Жолборстун тырмагы
ж. Жолборстун изи
з. Коён
и. Түлкү
к. Суур

21-сүрөт

а. Жарганат
б. Таш бака
в. Таш баканын башы
г. Тойгон жылан
д. Жыландын башы
е. Жыландын куйругу
ж. Жылан
з. Чаян
и. Жөргөмүш
к. Үлүл

22-сүрөт

а. Сүлүк курт
б. Бака
в. Кескелдирик
г. Балык
д. Көгүчкөн
е. Кыргоол
ж. Карга тырмак
з. Карганын бармагынын изи
и. Бутакта конгон карганын буту
к. Карганын буту

23-сүрөт

а. Карганын буттарынын аралык көрүнүшү
б. Тоо карлыгачы (чабалекей)
в. Карлыгачтын канаты
г. Бүркүт
д. Бала бүркүт
е. Аңчы бүркүт
ж. Бүркүттүн чеңгели
з. Бүркүттүн чалгыны
и. Ак куу
к. Каздын таманы

24-сүрөт

а. Бөдөнөнүн жумурткалуу уясы
б. Сагызгандын канаты
в. Турна учуш
г. Улар
д. Көпөлөк
е. Чымын
ж. Чымындын канаты
з. Улардын көзү

Өсүмдүктөрдүн элестерин сүрөттөөчү оюу үлгүлөрү:

25-сүрөт

а. Гүл
б. Тогуз дөбө гүл

26-сүрөт

а. Куу бутак
б. Жалбырак

в. Ай гүлү
г. Кара куурай гүл
д. Топчу баш гүл
е. Ачылып келаткан гүл
ж. Кызгалдак
з. Жалбыractуу бутак
и. Чала желген жалбыractуу бутак
к. Мажүрүм тал

в. Чала желген жалбырак
г. Кылкан чөп
д. Жүзүм
е. Пахта
ж. Апийимдин башы
з. Калемпир
и. Мисте
к. Балыр

27-сүрөт

а. Аттын такасы
б. Кишен
в. Мончок
г. Ала мончок
д. Шакшак (боосун чокубас үчүн аңчы бүркүттүн мойнуна кийгизиле турган буюм)
е. Кондурга (жонундагы жаратына жетпесин деген максатта аттын мойнуна кийгизиле турган атайын каргы. Ал жылкынын омурткаларынан жипке тизилип жасалат)
ж. Боз үйдүн түндүгү
з. Уук
и. Өтүк
к. Боз үй

Тиричилик буюмдарын сүрөттөөчү оюу үлгүлөрү:

28-сүрөт

а. Шоңшогой боз үй
б. Шоңшогой ак өргөө
в. Чынжыр
г. Чынжырдын тогоосу
д. Алоо
е. Көгөн (козу байлооч)
ж. Аркан
з. Кылтак
и. Көөкөр
к. Токмок

29-сүрөт.

а. Ай балта
б. Кумган
в. Чокмор
г. Бермет мончоктор
д. Тебетей
е. Кайык
ж. Ат жабуу
з. Ала бакан
и. Искек
к. Тепке (аваздык аспаптардын кылдарынын астына коюла турган тирөөч)

30-сүрөт

а. Батка (чегелөө аркылуу жыгачка же темирге түшүрүлгөн оюмдун аталышы)

б. Басма токоч (оймолуу тандыр нан)
в. Ооздук
г. Буурсун тиши
д. Тай туяк (койчунун туяктан даярдалган бут кийими)
е. Кашык
ж. Аштама кашык
з. Куурчактын башы
и. Кыйма (найза учу)

Диний жана жомоктогу сыйкырдуу-кереметтүү элестерди сүрөттөөчү оюу үлгүлөрү:

31-сүрөт

а. Умай эне
б. Усмоюл (жыландын аталышы)
в. Казылык (бир канаттуу куш, кээде "өгөрөк" деп айтылып жүргөн учурлар кездешет)
г. Канаттуу тулпар
д. Кумайык (бул иттен эч бир жаныбар жашырына алган эмес деп жомоктордо айтылат)
е. Талооту (өтө зор көлөмдөгү коңуз)

Кыргыз оймосунун киремде жана чийде колдонулган негизги оюу үлгүлөрү.

Табиятты жана жандуу нерселердин элестерин сүрөттөөчү оюу үлгүлөрү:

32-сүрөт

а. Киши
б. Аял
в. Кишинин буту
г. Кишинин колу
д. Беш манжа
е. Аркар
ж. Аркардын башы
з. Аркардын мүйүзү
и. Бугу
к. Бугунун башы

33-сүрөт

а. Бугунун мүйүзү
б. Тоо текенин башы
в. Тоо текенин мүйүзү
г. Уйдун башы
д. Уйдун мүйүзү
е. Кой
ж. Аттын изи
з. Эшек
и. Омуртка
к. Ач айбандын омурткасы

34-сүрөт

а. Кабырга
б. Кабырганын башы

35-сүрөт

а. Илбирс
б. Карышкыр

в. Жылкынын картасы
г. Топоздун таңдайы
д. Төө
е. Нар
ж. Ит
з. Иттердин кошогу
и. Иттин таманы
к. Ит куйрук

в. Коён
г. Чаян
д. Кыргоол
е. Карга тырмак
ж. Карганын бармагынын изи
з. Карлыгачтын канаты
и. Бүркүт
к. Көгүчкөн
л. Чымындын тор канаты
м. Дарыя
н. Айлампа

Өсүмдүктөрдү жана тиричилик буюмдарын сүрөттөөчү оюу үлгүлөрү:

36-сүрөт

а. Гүл
б. Ачылып келаткан гүл
в. Жалбырактуу бутак
г. Куу бутак
д. Жалбырак
е. Аттын такасы
ж. Кереге көз
з. Кобул (жаргак кийимдерине тиш аркылуу түшүрүлгөн жана уук-керегеге салынган жылгача оюмдун аталышы)
и. Шоңшогой ак өргөө
к. Чынжыр

37-сүрөт

а. Чынжырдын тогоосу
б. Темир комуз
в. Оттук таш
г. Аркан
д. Чаңгы (тоодо кар үстүндө жүрүүгө ылайыкталып чыбыктардан тизилип жасалган бутка төшөлчү буюм)
е. Ийрек (тери тазалоодо колдонула турган аспап)
ж. Көөкөр
з. Сүзмө (ат жабдыктарын кооздочу шөкөт жасалга)
и. Буурсун тиши
к. Тай туяк
л. Кошоктөлгөн иттер

Ырасын айтсак, кыргыз оймосунда "аркар мүйүз" (16-а сүрөт) оюму басымдуу орунду ээлейт. Аймактык шартка ылайык оюунун аталышы "кочкор мүйүз", "кулжа

мүйүз" деп да айтылып жүрөт. Ал эми, "аркардын башы" (15-и сүрөт) оюму анчалык таасирдүү эмес. "Аркар мүйүз" оюмунун экиден үчкө чейинки жарым айлананы пайда кылышынын мүнөздүү өзгөчөлүгү, анын буралуудан түзүлгөндүгү болуп эсептелет. Ошондуктан композиция процессинде башка оюу үлгүлөрүн өзүнө жакындаштыруу аркылуу тез эле татаалданып кетет. Оюм тизмектеринде "аркар мүйүз" оюмунун аралык көрүнүшү (16-в сүрөт) өтө сейрек кездешет. Бирок, буралуулардын санынын көбөйүшү сүрөттөгү мүйүздөрдүн кайталанышына алып келет. Муну, баарынан мурда жалпак күмүшкө күмүш зымдан кандалып жасалган буюмдардан көрөбүз.

"Ак бугунун мүйүзү" (17-а сүрөт) оюму "бугунун мүйүзү" (16-з сүрөт) оюмунан түзүлүшүнүн бир кыйла татаалдыгы менен айырмаланып турат. Кыргыз оймосунда "бугунун мүйүзү" оюму көп учурайт жана көпчүлүк учурда "аркар мүйүз" оюму менен байланышкан.

"Багыштын мүйүзү" (17-б сүрөт) жана "багыштын туягынын изи" (17-в сүрөт) оюмдары эски уздардын өздөрү мурда көрбөгөн жана алардын айтуулары боюнча жазы жалпак мүйүздүү эң зор, күчтүү бугунун сүрөттөлүшү болуп эсептелет. Мындай бугуларды байыркы убактагы кыргыз мергенчилеринин атып алгандыктары эски мергенчилердин аңгемелеринде айтылат. Азыркы убакта, кыргызда "багыш" деген сөз жаныбар катары анчейин элес бербейт. Ал уруу же адам аттарында гана сакталып калган. Муну менен "багышка" тиешелүү оюмдар сейрек жана аз санда деп түшүндүрүүгө болот. "Багыштын мүйүзү" оюму болсо "бугунун мүйүзү" оюмунан чекелеринин жазы, жалпак болушу менен жана ортосунун жазыраак ийилиши менен айырмаланып турат. Ал эми, "багыштын туягынын изи" оюму "аркардын туягынын изи" (16-б сүрөт) оюмунан туяктарынын башынын чоңураак жайылып тургандыгы менен өзгөчөлөнө алат.

"Текенин мүйүзү" (18-б сүрөт) оюму кыргыз оймосундагы башка оюу үлгүлөрү менен биригe алгандыктан, "жалбырак" (26-б сүрөт) жана "тумар" (38-г сүрөт) оюмдары менен биригип, жаңы "көгүчкөн" (22-д сүрөт) оюмун пайда кылат. Мындан башка "жаңырган ай" (14-д сүрөт) оюмунун окшош композицияларынан "тоо текенин мүйүзү" (17-е сүрөт) оюму тез эле айырмаланат да, мүйүздөрүнүн ички сызыктарын узартып созууда бир жерден кошулбагандыгы "тоо текенин мүйүзү" оюму үчүн мүнөздүү белги болуп эсептелет.

Дегинкисин айтканда "уйдун мүйүзү" (18-г. сүрөт) оюмунда уйдун мүйүздөрүнүн мүнөздүү көрүнүшү сакталат. Анын үстүнө көрүнүшү жагынан бул оюм "аркар мүйүз" оюмуна жакын. Бирок, "аркар мүйүз" оюмундагы буралган жарым айланалардын санына караганда, анын буралуу саны аз жана карама-каршы багытта.

Кыргыз оймосундагы "аттын такасы" (27-а сүрөт) оюму оюу үлгүсү катары аттын такасын сүрөттөөдөн эмес, андан түшкөн изди сүрөттөөдөн келип чыккан. Такаланган аттын жерде калган изи сыяктуу эле, бул оюмду карап чыгууда анын ортоңку бөлү-

гүндөгү ичкерүү ачык көрүнөт. Аталган ичкерүү оюуну "кишен" (27-б сүрөт) оюмунан айырмалап туруучу мүнөздүү белгиси болуп эсептелет.

Стилизацияланган көгүчкөндүн башынын бардык учурда чокусу жогору каратылып, үч бурчтук түрүндөгү сүрөттөлүшү "көгүчкөн" оюмунун артыкчылыгы болуп эсептелет. "Жаңырган ай" оюмуна караганда, "көгүчкөн" оюмунун мүнөздүү белгиси - анын канаттарынын жана куйругунун ички сызыктарынын жалпылоочу багыты боюнча түзүлбөгөндүгүндө. Туташ композицияларда "көгүчкөн" оюму "жаңырган ай" оюмунан өтө айырмаланып тургандыгын көрөбүз.

Кыргыз оймосунда "бадам" деп аталган оюу үлгүсү эң көп учурайт. Бул оюм өсүмдүктү сүрөттөөдөн келип чыккандыгын баамдайбыз. Оюунун өзүнө камтыган баяндамалык же мазмундук маңызы кары адамдардын да эсинде сакталып калбагандыгы өкүндүрбөй койбойт. "Кыргоол" (22-с сүрөт) оюмунун көрүнүштөрүн мурунку убакта ачыгыраак мүнөздөгөн "бадам" оюмунун ар түрдүү көрүнүштөрүн карап чыгуу анын бөлүктөрүнүн бара-бара бөлүнүп кетүүсүн көрсөтөт. "Кыргоол" оюмунун кыргыз оюмунда көп чагылдырылышы кыргоолдун кыргыздардын аңчылыгындагы мааниси менен, же болбосо, өзбек оймо-чиймесинен сиңирилип алынгандыгы менен түшүндүрүлүшү мүмкүн.

"Кыргоол" оюму кыргыз оймосундагы негизги оюу үлгүлөрүндө "кыргоол" жана "кыргоолдор" түрүндө чагылдырылат. "Кыргоолдор" оюмунун туура түзүлгөн калыбын өз-өзүнчө бөлсөк, өзүнчө "кыргоол" оюму келип чыгат. Ошондуктан, "кыргоол" оюмунун негизги калыбын бузган же өзгөрткөн бөлөк негизги оюу үлгүлөрүн белгилүү аталыштары бар өз алдынча оюу үлгүлөрү деп эсептөө зарыл. Бул оюм учу бир жагына ийилген жалбыректын элесин көз алдыга келтирет.

Жалбыректын өзүнүн тегиздигиндеги композициялык айкалыштарда "жалбырак" (26-б сүрөт) оюмуна тиешелүү оюу үлгүлөрүнө ыйгарылган аталыштар жоюлат. "Жалбырак" оюму саймада ар түрдүү чөп-чардын жана бак-даректын жалбырагынын элесин чагылдырса, кийизде белгилүү гана бир көрүнүштү сүрөттөйт.

Бармактарынын учтарынын дайыма ажырап тургандыгы "карга тырмак" (22-ж сүрөт) оюмунун мүнөздүү өзгөчөлүгү болуп эсептелет. Оюунун өзү оюуланып-чийүүлөнүп кетсе да, оюу өзүнүн тегиздигинде өз-өзүнчө бөлүнө албайт. Анын үстүнө айкалышкан оюм тизмектеринде ага жакын жайгашкан оюмдарга ыйгарылган аталыштар жоюлуп калышы ыктымал. Демек, "карга тырмак" оюмунун тегиздигинин өзүнчө бөлүнбөгөндүгү, аны "көгүчкөн" оюмунан айырмалап турган негизги белгиси катары саналат.

Талаа гүлдөрүнүн түрдүү бажырайган элестерин чагылдырган "гүл" (25-а, б, в, г, д, е, ж сүрөттөр) оюмдары желекчелеринин саны жагынан он бирге чейин жетет. Кыргыз оймосунда мындан көбүрөөк желекчеге ээ болгон гүл "ай гүлү" (25-в сүрөт) деп аталат. "Гүл" оюмдары эч убакта тегерек тегиздиктин ичине чийилбейт. Тегеректе түшүрүлгөн гүл кыргыз оймосунда башка аталышка ээ болот. Атап айткан-

да "чач теңге" (38-в сүрөт) оюму. Ал аялдардын тегерек калыбында жасалган күмүш жасалгасын чагылдырат. "Гүл" оюмдары сүрөттөлгөн гүлдүн өзүнүн жана гүлдүн ортосунда жайгашкан нерсенин аталышынан, же болбосо, кыргыз оймосунда негизги оюу үлгүсү катары өзүнүн өзгөчө аталышы бар гүл желекчесинин түрүнөн өз аталыштарын алышат.

"Алоо" (28-д сүрөт) оюму өз чөйрөсүнө же туташ түрлөрүнө жараша өзүнүн көрүнүшүн өзгөртө алган бирден-бир оюм. Анын үстүнө кыргыз оймосундагы композициялык түзүлүштөрдүн жана айкалыштардын кайсынысында болбосун оюмдун учтарын сүрөттөөдө эч өзгөрбөгөндүгү ал үчүн мүнөздүү болуп эсептелет. Ал эми "куу бутак" (26-а сүрөт) оюму түзүлүшү жагынан "алоо" оюмуна окшошураак келсе да, учтарынын сүрөттөлүшү аны айырмалап турат. Эски чеберлердин айтуусуна караганда "алоо" оюму очоктогу алоолонуп күйгөн от сыяктуу сүрөттөлөт.

"Бүркүт" (23-г сүрөт) оюмунун кошулма бөлүктөрүнүн негизги оюу үлгүсү катары өз аталыштары болгондугуна карабастан, композициялык айкалыштарда жуурулушуп, жалпы "бүркүт" деген аталыш менен биригип кетишет да, алардын өз алдынча жеке өмүр сүрүүсү үзгүлтүккө учурайт.

Шуру-мончоктор сыяктуу эле "мончок" (27-в сүрөт) оюму да ар дайым өзүнчө бөлүктөрдөн тура тургандыгы анын мүнөздүү өзгөчөлүгү болуп эсептелет. Бирок, "мончок" оюму өзүнүн композициялык түзүлүшүндөгү бөлүктөрдүн аталышынан кошумча аталышка ээ болот. Ал оюм "ала мончок" (27-г сүрөт) деп аталат. А "мончок" оюмунун дагы башка өзгөчөлүгү - оюмду кошулма бөлүктөргө бөлүү менен көрүнүшү жагынан өзүнө окшош "билерик" (18-ж сүрөт) оюмунан айырмаланып тургандыгында. "Билерик" оюму аттын аягындагы туурасынан кеткен шакекчени сүрөттөйт жана кыргыздын баяндамалуу оймосунда атты (жылкыны) туюндурат.

"Кондурга" (27-е сүрөт) оюму "омуртка" (33-и сүрөт) оюмдарынын курамынан түзүлгөндүгү менен "ала мончок" оюмунан бөтөнчө айырмаланат. Ушул эле учурда, кээ бир композициялык айкалыштарда омурткanын элесинен бөлөк кошумча дагы "темир комуздун" (37-б сүрөт) жана "аттын такасынын" (27-а сүрөт) элестерин сүрөттөгөн "той мончок" оюму учурайт.

"Уук" (27-з сүрөт) оюмундагы уктар сайылып турган түндүктүн сүрөттөлүшү, ага окшошураак "күн" (14-а сүрөт) оюмундагыдай жалпак тегерек түрүндө эмес, тескерисинче, анын ортоңку бөлүгүнүн түндүк түрүндө сүрөттөлүшү менен "күн" оюмунан айырмаланып турат. Ал эми, "шакшак" (27-д сүрөт) оюму өзүнүн ортоңку бөлүгүндө ийри жаанын элесин берсе, "түндүк" (27-ж сүрөт) оюму кайчылаш ашталган жыгачты сүрөттөйт.

"Чымындын канаты" (24-ж. сүрөт) оюмунун ар дайым кош канат түрүндө сүрөттөлүшү анын мүнөздүү өзгөчөлүгү. Андыктан, келбети жагынан толук окшош болсо да, жалгыз канаттын сүрөттөлүшү "жалбырак" деген башка аталышка ээ болот.

Боз үйдүн ууктарынын аяк жагындагы ийилген жалпак бөлүгү, түндүк жана кереге жыгачтары "кобул" (3б-з сүрөт) оюму түшүрүлүп кооздолот. Тиштин жардамы

аркылуу ушундай эле оюм тери (жаргак) шымдарга түшүрүлөт. Андан тышкары "кобул" оюму күмүштөн жасалган буюмдарды кооздоодо, булгаары бетине оюу түшүрүүдө колдонулат. Килемде, саймада жана оймолонгон ала кийизде өзүнүн жылгача түрүндөгү калыбын жоюу менен сызыкча түрүндө сүрөттөлүүгө өтөт. Өзүнүн сүрөтү жагынан "карганын бармагынын изи" оюмуна толук окшошуп, андан узундугу жана көп учурда тегеректеп кооздоочу алкак (каражат) катары колдонулушу менен гана айырмаланып турат.

Уздар кыргыз оймосунда "Умай эненин" (31-а сүрөт) сүрөттөлүшүн "бүркүт" оюмунун түзүлүшүнө окшоштурушат. "Умай эне" оюму колдоочу - тумарды чагылдырган "тумар" (38-г сүрөт) оюму менен бирге сүрөттөлөт. "Тумар" оюму үч бурчтуу көрүнүшкө ээ.

"Килем оюмдары" - түз сызыктардын бири-бирине бөтөнчө айкалышуусунан түзүлгөн оюу үлгүлөрү катары кыргыз оймосуна кирет. Килем оюмдарынын түз сызыктуулугу килем токуу жана чий чырмоо ыкмасы менен чектелет. Ошондуктан, кыргыз оймосундагы кээ бир негизги оюу үлгүлөрү түз сызыктуу чарчыланган түзүлүшкө ээ болгондуктан гана килем оюму боло алат. "Аркар мүйүз", "кулжанын башы", "кайталанма мүйүз", "сыңар мүйүз", "бугунун мүйүзү", "багыштын туягынын изи", "ит куйрук" сыяктуу оюмдар килем оюмдарында көбүрөөк чагылдырылат.

Эски уздар "күн" жана "булут" (14-з сүрөт) оюмдарында ааламдын кеңдиги менен чексиздигин, түбөлүк кыймылдуулугун көрсөткүлөрү келишкен. Ал эми "айлампа" (14-к сүрөт) оюмунда болсо, чексиз мейкиндикти жана жер үстүндөгү соолбос жашоону чагылдырууга умтулушкан. Кыргыздын баяндамалуу оймосунда суунун "айлампасынын" сүрөттөлүшү карылардын урпактарга карата айтылган алкоо сөздөрүн туюндуруп жаткансыйт. "Өмүрүң суудай узун болсун" деген жакшы каалоону аталар азыр да айтышат.

Кишинин өзү, колу-буту, жада калса манжалары да оймочунун сырдуу ыкмасы аркылуу оюу үлгүсүнө айланат. Демек, кыргыз оймосунда "киши" (15-а сүрөт); "кишинин башы" (15-б сүрөт), "кишинин эрди" (15-в сүрөт), "кишинин кашы" (15-г сүрөт), "беш манжа" (15-д сүрөт), "кишинин колу" (32-г сүрөт), "кишинин буту" (32-в сүрөт) сыяктуу оюу үлгүлөрү бар. Булар эркектерге тиешелүү оюмдар болуп эсептелет. Мындан тышкары, аялдарга тиешелүү "аял" (32-б сүрөт), "оймок боолуу бармак" (15-ж сүрөт) оюмдары кездешет. "Киши" жана "аял" оюмдарынан башка оюмдар кишинин толук келбетин сүрөттөй албаса да, кыргыздын баяндамалуу оймосунда кишини туюндурат. Мисалы, "ай балта" (29-а сүрөт) оюмунун бетинде кошо сүрөттөлгөн "беш манжа" оюму ай балтачан кишини жана "оймок боолуу кол" оюму аялды (узду) түшүндүрөт.

"Мүйүз" оюмдарынан кийинки эле басымдуу орунда турган "ит куйрук" (19-к сүрөт) оюму болуп саналат. "Ит куйрук" оюму өзүнүн түзүлүшү жагынан "жыландын куйругу" (21-е сүрөт) оюмуна жакын. Бирок, учтарынын имерилип, карама-каршы

буралууну пайда кылгандыгынан улам "жыландын куйругу" оюмунан түздөн-түз айырмаланат.

Кыргыз оймосунун бул чоң (III) бөлүмүндө камтылган оюу үлгүлөрүнүн баарын тегиз мүнөздөп чыгуу, албетте кыйын. Ошондуктан кыргыз оймосун ийне-жибине чейин изилдеп чыгуу келечектин иши. Керектүү жаңы материалдар менен байытып, иликтөө иштерин жандандыра бермекчибиз.

III бөлүмдө көрсөтүлгөн негизги оюу үлгүлөрүнөн башка да көптөгөн оюу үлгүлөрү калк арасында өмүр сүрүп келатат. Алар кыргыз оймосуна кийинчерээк кирген же болбосо сейрек учуроочу оюу үлгүлөрү. Андыктан кыргыз оймосу бул китептеги оюу үлгүлөрү менен эле чектелип калат деп айтууга болбойт. Анткени ар бир уз менен устанын өздөрү түзгөн же кыялында баккан оюусу болот. Түзгөн уздун же устанын аты менен аталып кеткен оюмдар да кездешет. Буларга кийинчерээк жаралган оюмчийимдерди кошууга болот. Ал оюмдар жалгыз оюу үлгүсүнөн түзүлбөйт. Тескерисинче, бир нече оюу үлгүлөрүнүн айкалышынан түзүлгөн композициялык курам болуп эсептелет. "Жайлоодо", "Күз", "Шүүдүрүм", "Мөл булак", "Аптап" сыяктуу тематикалык композициялык иштер буга мисал болот.

Бирок ушул оюу-чийүүлөрдөн түзүлгөн композициялык курамдар өзүнүн көрөңгөсүн кыргыз оймосунун түпкү башаттарынан алышат. Кыргыз оймосунун мына ушундай ажайып үлгүлөрүн түзгөн чебер уздардын көө бири ата-бабасынын муундан-муунга калтырган нускоочулук көркөм мурасын уланткандар. Ал эми айрымдары болсо табият берген шыгынан улам учугун улап оймочу болуп жаралгандар. Мына ошолор гана кыргыздын улуттук оймосунун көрөңгөсүн соолутпай сактап келишкен. Анын эзелки сулуулугун өзгөлөрдүн оймочулук өнөрүнөн айырмалап, алгачкы көрүнүшүн эч бүлүндүрбөй бүгүнкү күнгө жеткире алышкан. Өткөндөгү чеберлердин бүгүнкү урпактары азыркы кыргыз оймосунун көркүнө көрк кошо сулуулап, өң-түс жагынан байытуу менен аткаруу чеберчилигин арттырып жатышат.

г.



а.

з.



д.

б.

и.



е.

в.



к.

ж.

14-сурет.

15-сурет.



а.

е.

б.

ж.

в.

з.

г.

и.



д.

к.

16-сурет.

а.

е.

б.

ж.

в.

з.

г.

и.

д.

к.

17-сурет.



18-сурет.

а.

е.

б.

ж.

в.

з.

г.

и.

д.

к.

19-сурет.



а.

е.

б.



ж.

в.

з.

г.

и.



д.

к.

20-сурет.

а.

е.

ж.

б.

в.

з.

г.

д.

и.

к.

21-сурет.



а.



е.

б.



ж.

в.

з.

г.



и.



д.

к.

22-сурет.

а.



е.

б.



ж.

в.

з.



г.

и.

д.



к.

23-сурет.

а.

д.

б.

е.

в.



ж.

г.

з.

24-сурет.

а.

е.

б.

ж.

в.



з.

г.

и.

д.



к.

25-сурет.

а.



е.

б.

ж.

в.

з.

г.

и.



д.

к.

26-сурет.

а.

б.



в.

г.

д.

е.

ж.



з.

и.

к.

27-сурет.

а.

е.



б.

ж.



з.

в.

и.

г.

д.

к.

28-сурет.

а.

е.

б.

ж.

в.

з.

г.

и.



д.

к.

29-сурет.

а.

е.



б.

ж.

в.

з.

г.

д.

и.

30-сурет.

а.

г.

б.

д.

в.

е.

31-сурет.



а.

д.

е.

б.

ж.

з.

в.



и.

г. 32-сурет.

к.

а.



е.

б.

ж.

в.



з.

г.

и.

д.

к.

33-сурет.



а.



е.

б.

ж.

в.

з.



г.

и.



д.

к.

34-сурет.

а.

ж.

з.

б.

и.

в.

к.

г.

л.

д.



м.

е.

н.

35-сурет.

а.

е.

б.

ж.

в.

з.

г.



и

д.

к.

36-сурет.

а.

ж.

б.

з.



в.

и.

г.

к.

д.

л.

е.

37-сурет.

а.

б.

в.



г.

38-сурет.



а.



б.

39-сурет.

IY БӨЛҮМ

ЧЫНЫГЫ ЭЛЕСТЕРДИ ЧАГЫЛДЫРГАН ОЮМДАР

(40-41-сүрөттөр)

Аталган бөлүмдө айлана-чөйрөнү курчап турган нерселердин чыныгы өз элестеринин сюжеттик сүрөттөрүн камтыган оюу-чийүүлөр көрсөтүлгөн. Мындай оюу-чийүүлөр ажардуу сулуу туш кийиздерде, айрым учурларда түштүк килемдеринде кездешет.

Чыныгы элестер түс, сөлөкөт, түр аркылуу эч бурмаланбастан көзгө тутумдуу жана ийкемдүү болуп, башка оюу үлгүлөрү менен бирге жуурулушуп, тандалган ыкма менен жердик бетине түшүрүлөт. Жердикке (материалга) түшкөн оюу-чийүүдө жаныбарлардын мүнөздүү кыймыл-аракети, турган турпаты жана өсүмдүктөр менен тиричилик буюмдарынын сөлөкөттүү, элестүү көрүнүшү таамай сүрөттөлөт:

40-сүрөт

а. Аркар
б. Бугу
в. Ат
г. Теке
д. Төө
е. Кой
ж. Коён
з. Түлкү
и. Карышкыр
к. Илбирс

41-сүрөт

а. Жылан
б. Сүлүк курт
в. Көпөлөк
г. Жылкынын карды
д. Жалбыректуу бутак
е. Көөкөр
ж. Кашык
з. Кызгалдак

Бул бөлүмдүн сөлөкөттүү оюу үлгүлөрү оттуу төрдө жайылган аркар-кулжанын, кой-эчкинин, төш таяна бейкапар оттогон бугунун, куштай учкан күлүк аттын, чубай баскан төөлөрдүн, желип-жорткон карышкырлардын ж.б. айбанаттардын элестерин өз кучагына алат. Ошондой эле из калтыра сойлогон жыландын, тоо этегин кызыл-тазыл өңгө орогон түркүн гүлдөрдүн, аларды тандап конгон "калдыркан" көпөлөктүн, саамалга толо дандыйган көөкөрдүн жана гүлдүү сыр кашыктын өңчөй элестерин биздин назарыбызга сунат.

Ал эми кийинки муундагы уздардын жараткан туштуктарында же туш кийиздеринде сейрек болсо да "көгүчкөн", "чабалекей", "бүркүт" сыяктуу канаттуулардын элестерин учуратып жүрөбүз. Уздардын, саймачылардын айтуусунда ал оюмдар ар кандай маанини туюнткан белги катары колдонулуп жүрөт. Маселен, көгүчкөн тынчтык менен бейпилдиктин белгиси деп коюшат. Чабалекейдин элесинин чагылдырылышы жаздын жаанчыл болушун, күздүн түшүмчүл болушун ыроолойт дешет.

Азыркы кыргыз уздарынын турмушуна болгар саймасынын (крести) тереңдеп киргендиги айкын болуп отурат. Уздар болгар саймасын бат эле өздөштүрүп алышып, ар кандай буюмдарды кооздоодо колдонушууда. Ачык, ширелүү түркүн түстөгү жиптер менен буюм беттерине бажырайган гүлдөрдүн элестүү сүрөттөрүн түшүрүп, туш кийиз менен туштуктарды жасап жатышат. Мында ар кыл гүлдөрдүн элесинен башка кишинин жана жан-жаныбарлардын түстүү келбеттерин да көрүүгө болот. Маселен, "балалуу эненин", "алп кара куштун" элестери чагылдырылган учурлар бар.

Болгар саймасы менен аткарылган туштуктун композициясында чала сюжетти издөө аша чапкандык болор эле. Бирок, кээ бир учурда ыкманын (болгар саймасы) ойдогудай аткарылбагандыгынан улам жердикке түшкөн оюу-чийүү же элестүү оюмдар көңүлгө толо бербейт. Себеби ачакей түрүндө сайылган сайманы жакынкы аралыктан караган учурда андан элестүү сүрөт (оюм) көз алдыга анчейин түшүнүксүз учурайт. Ошондуктан болгар саймасында аткарылган оюулар кыргыз оймосунун килемдеги жана таардагы үлгүлөрүнө үндөшүп кетет. Бул болсо чыныгы элестүү оюмдарды чагылдырууда болгар ыкмасы өзгөчө чеберчиликти талап кыларын айгинелеп турат.

Ошентсе да болгар ыкмасы бир кезде дүркүрөгөн өсүшкө ээ болгон кыргыздын пукура саймачылык өнөрү менен тең тайлаша албайт. Бүгүнкү элдик чебер уздар кыргыз саймачылык өнөрүн жандандырып, ага экинчи өмүр тартуулоонун үстүндө алгылыктуу иштерди жасашууда.

а.

е.



б.

ж.

в.

з.

г.

и.

д.

к.

40-сурет.



а.

д.

б.



е.

в.



ж.



г.



з.

41-сурет.

Үбөлүм

ОЮУНУН ӨРКҮНДӨӨ БАСКЫЧЫ

(42-47-сүрөттөр)

Асемделген кооз буюмдар уз-чебердин тубаса шыгына жана оймочулук жөндөмүнө жараша оюу-чийүүлөнүп жаралат деп жогорку бөлүмдөрдө биз кеп кылган болчубуз. Ал буюмдарга түшүрүлгөн оюм-чийимдер - уздардын укмуштуудай терең кыял чабыттарынын жана эркин төкмөлүү мээнетинин натыйжасы. Түпкү аталыштагы оюу үлгүсүн баралдуу уздардын ар кимиси өзүнүн чыгармачыл кудуретине жараша сүрөттөөгө ашыгышкан. Оюунун түпкү формасын сактоо менен анын тегиздигинде (бетинде) же жанында башка оюу үлгүлөрүн кошо суреттөп, калк суктанарлык үлгүлөрдү табышкан. Ошол түпкү нуктан чыгып кетпестен же эзелки элестүү оюунун өзүн көчүрүп албастан өз алдынча ой жүгүртүп, жаңы оюу үлгүлөрүн түзүүгө миң аракеттерди жасашкан. Негедир улам баралына жеткен сайын уздар менен чеберлер өздөрүнүн чыгармачыл жаңы багытына түшүүгө бел байлашкан. Кээде чексиз кыялданууунун аркасында жаныбарлардын, өсүмдүктөрдүн, жер-суу кубулуштарынын жана тиричилик буюмдарынын өтө эле стилизацияланган келбеттери менен элестерин кыргыз оймосунда чагылдырып, анын өркүндөө баскычын кеңейтишкен.

Уздар менен чеберлердин бул түйшүктүү аракеттерин М.В.Рындин ушул бөлүмдө ачык көрсөтүп берген. Ошондуктан мында кыргыз оймосунун айрым негизги оюу үлгүлөрүнүн өркүндөө баскычы көрсөтүлөт.

42-сүрөт.	43-сүрөт.	44-сүрөт.	45-сүрөт.	46-сүрөт.
а. Теке	а. Уй	а. Кыргоол	а. Ак куу	а. Көөкөр
б. Теке	б. Уй	б. Кыргоол	б. Ак куу	б. Көөкөр
в. Теке	в. Уй	в. Кыргоол	в. Ак куу	в. Көөкөр
г. Төө	г. Уй	г. Кыргоол	г. Ак куу	г. Көөкөр
д. Төө	д. Уй	д. Кыргоол	д. Ак куу	д. Көөкөр
е. Төө	е. Уй	е. Кыргоол	е. Ак куу	е. Көөкөр
ж. Төө	ж. Уй	ж. Кыргоол	ж. Ак куу	ж. Көөкөр
	з. Уй	з. Кыргоол	з. Ак куу	з. Көөкөр

47-сүрөт.

а. Жалбырак	д. Жалбырак	и. Бутак	н. Чабалекей
б. Жалбырак	е. Жалбырак	к. Бутак	о. Чабалекей
в. Жалбырак	ж. Жалбырак	л. Бутак	ө. Чабалекей
г. Жалбырак	з. Жалбырак	м. Чабалекей	

Демек оюунун өркүндөө баскычы кандайча түзүлөт? Кыргыз журтчулугунун кайсы аймагында болбосун "мүйүз" оюму биринчи болуп көзгө чалдыгат. Биздин баамда ар аймактын узу "мүйүздү" өз көңүлүнө чактап, кыял чабыттарынын айтуусундагыдай урунат. Аймактык шартка карабастан бардык эле уздар мүйүздү "мүйүз" деп таанышат. Анын түпкү көрүнүшүн сактап, эч убакта аша чаап кетүүгө дитин койбойт. Сүрөттөөдөгү анча-мынча айырмачылыктан гана бир нече жандооч ат менен айтылат. Алар "аркар", "кочкор", "кой", "теке", "бугу", "сыңар" (сынык же жалгыз), "кош" деген сөздөргө "мүйүз" деген сөздү жалгоо менен колдонулат. Уздар аларды бири-биринен айрып таанышат.

Ал эми 43-сүрөттөгү "Уйдун башы" оюмдарын карап чыксак, мындагы оюу үлгүлөрүнүн ар бири өз-өзүнчө бөтөнчөлөнүп, өзгөчөлөнүп турат. Ошентип бул сүрөттөгү "уйдун башы" оюмдары көрүнүшү жагынан бири-биринен айырмаланса да, баары бир уйга карата мүнөздүү белгилерин өз деңгээлинде сактап калышкан. Мүнөздүү көрүнүшү жагынан ушул эле сүрөттөгү (43-е, ж, з сүрөт) оюу үлгүлөрүн биз "аркар мүйүз" оюмуна жакындата албайбыз. Ошону менен бирге бул оюу үлгүлөрү чарчыланып сүрөттөлөндүктөн килем жана чий үчүн мүнөздүү экендигин баамдайбыз.

"Текелердин" (42-а, б, в сүрөт) жана "төөлөрдүн" (42-г, д, е, ж сүрөт) сүрөттөрү да суктандырбай койбойт. Булардын так, даана сүрөттөлүшү жана төөлөрдүн (42-е, ж сүрөт) айрымдарынын бөтөнчө стилизацияланган сүрөттөрү уздардын кайталангыс чебердигинен кабар бергенсийт. Ал эми суу жиреген же чөккөн кейиптеги төөнүн сүрөтү чоң кызыгууну туудурат. Уз мында төөнүн келбетин абдан жөнөкөй жана жеңил сүрөттөп, асты жагына "кыял" толкунун берүү менен оюу үлгүсүнө кайталангыс көрүнүштүтартуулаган.

"Кыргоол" (44-сүрөт) оюмунун өркүндөө баскычы да көрсөтүлгөн. Кыргоолдун чыныгы элестүү келбетинен (44-а, б сүрөт) баштап, кыргыздын баяндамалуу ойлосунда "кыргоол" оюму кандай оюу үлгүсү (44-д,е сүрөт) менен чагылдырылгандыгы жөнүндө айтылат.

Стилизацияланган оюу үлгүлөрүндө (45-сүрөт) биз Айдың-Көлдүн эркин сүзгөн ак кууларына назар салабыз. Бири суу үстүндө бейкапар сүзсө, экинчиси учууга камынып канат кагат. Дагы бири суу түбүндөгү олжосун илип алууга шашылат. Ак куулардын элестери миң аракет менен ары-бери оюлуп-чийилсе да, уздар менен усталар анын мүнөздүү өзгөчөлүгү болгон кыймыл-аракетин ачык көрсөтө алышкан. Уздар

ушуну менен эле чектелип калбастан "ак куу" деген аталыштагы ага мүнөздүү көрүнүштү камтуучу көп сандагы оюу үлгүлөрүн түзүшкөн. "Көөкөр" (46-сүрөт), "жалбырак" (47-а,б,в,г,д,е,ж,з сүрөт), "бутак" (47-и,к,л сүрөт) жана "чабалекей" (47-м,н,о,ө сүрөт) оюмдарынын да өркүндөө баскычтарын кеңейте алышкан. Биз буларды айрыкча эски уз-саймачылардын туш кийиздерин карап жаткан учурда көп көрөбүз.

Бул бөлүмдөгү айрым сүрөттөрдү бөлөк-бөлөк оюу үлгүлөрүнүн айкалышынан түзүлгөн композициялык курам деп айтсак да болор эле. Анткени кайкалак ийин "көөкөр" жана жүрөкчө сымал сүрөттөлгөн "жалбырак" оюмдары буга ыңгайлуу мисал боло алат.

Уздардын кыял чабытынан улам жаралган "көөкөр" оюмдарынын биринин бетинде "ай балта", экинчисинде болсо "тумар" менен "байчечекей" кошо сүрөттөлөт. А "жалбыректын" тегиздиктеринде болсо "теке мүйүз", "аркар мүйүз", "карга тырмак" сыяктуу оюмдардын жайгашканын көрөбүз. Ушундан улам "көөкөр" менен "ай балтанын" жаналша сүрөттөлүшүндө терең маани жаткансыйт. Балким ай балтасы бар көөкөр жоо чабар "жоокердин көөкөрү" дегенди туюндуруп жүрбөсүн. Ал эми "жалбырак" менен "мүйүздөрдүн" жуурулуша бирге чагылдырылышы баамчыл жанга маанисин өзү эле чечмелеп тургансыйт.

а.

г.

б.

д.

в.

е.

ж.

42-сурет.

а.



д.

б.

е.

в.



ж.

г.

з.

43-сурет.

а.

д.

б.

е.

в.

ж.

г.

з.

44-сурет.

а.



д.

б.

е



в.

ж.

г.

з.

45-сурат.



а.

д.

б.



е.

в.

ж.

г.

з.

46-сурет.

а.

е.

л.

б.

ж.

м.

в.

з.

н.

г.

и.

о.

д.

к.

в.

47-сурет.

VI БӨЛҮМ

БАЯНДАМАЛУУ ОЮУ АЙКАЛЫШТАРЫНЫН ТҮЗҮЛҮШҮ

(48-72-сүрөттөр)

Бул бөлүм кыргыз оймосунун өткөн замандагы баяндамалуулугунун азыркы учурда жоюлуп бара жаткан "пиктографикалык"[1] милдети тууралуу ачык айгинелеп берет. Кыргыздын улуттук оюм-чийимдери так композициялуу шырдактарда да, көз жоосун алган кооз туш кийиздерде да оюм (сүрөт) менен сюжеттик көп кырдуу жазуунун аралыгында турган көптөгөн саптуу баяндаманы көз алдыга келтирет. Чыныгы элестүү сүрөттөгү оюм кээде жоюлуп, эзелки замандагы "пиктограмма" ачыкка чыга баштайт. Бул кыргыз оймосу үчүн бөтөнчө деле көрүнүш эмес.

Калыбы, бул кыргыз оймосунун жалпы өркүндөө баскычы окшойт. Биз жогоруда белгилеп өткөн пиктограмманын жазууга болгон көз карандылыгы да кыргыз оюусунун мазмундук маңызында. Ал эми оюу-чийүүнүн аз муундуу текстинин создөрүндө баяндаманын мазмундуулугу бар. Ошондуктан, эски манасчылар менен жамакчылар сыяктуу эле саймачы-уздар да оюунун көлөмдүү текстин токушкан.

Туш кийиз саймасындагы оюмдардын кез-кездеги төп келишпестигин байкоого болот. Маселен, мында бир оюу үлгүсү экинчи оюу үлгүсүн кайталабай турган учурларды кездештиребиз. Анткени, бул учурда оюуда баяндамалык текст өөрчүй баштайт.

Кыргыз оймосундагы баяндамалуулук айрым оюу үлгүлөрүнүн айкалыштарынын ичине камтылган. Мүмкүн болбой турган айрым учурларда да кыргыз оймосунун ар бир композициялык курамында чала сюжетти издөө аша чапкандык болор эле.

Баяндаманын мазмуну кокусунан болбосо да, эстетикалык жактан мүмкүн болгон бири-бирине шайкеш оюу үлгүлөрүнүн айкалышында турат. Кээ бир композициялык курамдарда жаргак шымчан төрт кишинин "кобул" чыгарып жаткандыгы баяндалат (50-сүр. 7-баян.).

Негизинен баяндаманын маңызы жаратылышта же турмушта адамдын (уздун) көзүнө чалдыккан окшош, жакын аталыштагы оюу үлгүлөрүнүн кандайдыр топтолгон курамында турат. Мисалы, буга булактын боюндагы, дасторкондун тегерегиндеги же дагы башка көрүнүштөрдү келтирсек болот. Адам баласынын турмуш-тиричилигинин же табияттын сызык- чийимдер жана түстөр аркылуу бирдиктүү сүрөттөлүшү кыргыз оймосундагы баяндамалуулуктун негизи болуп эсептелет.

1 Байыркы сүрөт жазуулар.

Азыркы кыргыз оймосунда маанисн жагынан жарды жана анчейин ыраатсыз жаңы оюу үлгүлөрүнүн өнүгүү багытынын күч алгандыгын көрүүгө болот. Бул болсо баяндамалуу оймонун бүгүнкү күндөгү жоюлуп бараткандыгынын бирден бир себепчиси экендиги анык. Ошондуктан кыргыздын баяндамалуу оймосу кыргыз көркөм өнөрүнүн бөтөнчө бир тармагы болууга арзыйт. Ошондо гана кыргыз оймосу көркөм элестүүлүк жана ажайып кооздук менен каныга сугарылган чыныгы таасирдүү керемет чыгарма катары ачыкка чыкмакчы.

Бул бөлүмдөгү сүрөттөр (48-72-сүрөттөр) кыргыз оймосунун эң кызыктуу баяндамалуу оюу айкалыштарын камтыйт. Ал оюу айкалыштары кыскача мазмундагы 48-баяндаманы туюнтат жана оюу айкалыштарын түзгөн негизги оюу үлгүлөрүн бирбирден чечмелеп көрсөтөт.

Эмесе, Урматтуу окурман, бул оюу үлгүлөрүнүн жардамы аркылуу баяндамалуу кыргыз оймосунун укмуштуудай кооз дүйнөсүнө сиз менен бирге саякат жасоого аракет кылмакчыбыз.

48-сүрөт

1-баяндама

Тогуз дөбө гүл

2-баяндама

Бөдөнөнүн жумурткалуу уясы

3-баяндама

а. Кош кол

Оюу үлгүсү:

б. Беш манжа

4-баяндама

а. Тегерете отурушкан оймокчон төрт аял

Оюу үлгүсү:

б. Оймок боолуу бармак

49-сүрөт

5-баяндама

а. Жазгы жайлоодо оттоп жүргөн аркар

Оюу үлгүлөрү:

б. Ачылып келаткан гүл

в. Аркардын башы

6-баяндама

а. Жайкы жайлоодо оттоп жүргөн аркар

Оюу үлгүлөрү:

б. Жалбырак

в. Аркардын башы

50-сүрөт

7-баяндама

а. "Кобул" салып жатышкан кишилер

Оюу үлгүлөрү:

б. Кобул

в. Киши

8-баяндама

а. Аркардын ашатылган териси

Оюу үлгүлөрү:

б. Ийрек

в. Аркар мүйүз

51-сүрөт

9-баяндама

а. "Капшытыңа куш консун" (жакшы каалоо)

Оюу үлгүлөрү:

б. Кереге көз

в. Бүркүт

10-баяндама

а. Кыргоолдорду качырып кирген бүркүт

Оюу үлгүлөрү:

б. Бүркүт

в. Кыргоол

11-баяндама

а. Колуна карганы кондурган киши

Оюу үлгүлөрү:

б. Карга тырмак

в. Беш манжа

52-сүрөт

12-баяндама

а. Аркан менен таңылган боз үйлөр

Оюу үлгүлөрү:

б. Кереге көз

в. Аркан

13-баяндама

а. Бермет жасалгалуу буюмдарга мол кишинин колу

Оюу үлгүлөрү:

б. Бермет мончоктор

в. Беш манжа

14-баяндама

а. Дарыя бойлото конгон эки айыл

Оюу үлгүлөрү:

б. Боз үй

в. Дарыя

53-сүрөт

15-баяндама

а. Кереге жасап жаткан кишилер

Оюу үлгүлөрү:

а. Кереге көз

в. Кишинин колу

16-баяндама

а. Кулжаны муунтуп жаткан жылан

Оюу үлгүлөрү:

б. Кулжа мүйүз

в. Жыландын куйругу

17-баяндама

а. Теричинин боз үйү

Оюу үлгүлөрү:

б. Ийрек (тери тазалоодо колдонулчу быдыр тиштүү аспап)

в. Боз үй

54-сүрөт

18-баяндама

а. Булактын суусуна түшүп калган гүл

Оюу үлгүлөрү:

б. Ачылып келаткан гүл

в. Булак

19-баяндама

а. Шуру-мончоктор менен жасалгаланган боз үй

Оюу үлгүлөрү:

б. Мончоктор

в. Кереге кез

55-сүрөт

20-баяндама

а. Боз үйдүн түндүгүнө конгон каргалар

Оюу үлгүлөрү:

б. Боз үй

в. Карганын бутактагы буту

21-баяндама

а. Ай балтачан киши

Оюу үлгүлөрү:

б. Беш манжа

в. Ай балта

56-сүрөт

22-баяндама

а. Эки булактын кошулган жерине тигилген боз үй

Оюу үлгүлөрү:

б. Кереге көз

в. Булак

23-баяндама

а. Үч булактын кошулган жеринде суу ичип турган ат

Оюу үлгүлөрү:

б. Билерик (аттын аягындагы туурасынан кеткен шакекче. Ал баянцамалуу оюмда атты туюнтат).

в. Булак

24-баяндама

а. Сөөк талашкан иттер

Оюу үлгүлөрү:

б. Сөөк

в. Ит куйрук

57-сүрөт

25-баяндама

а. Кошоктолгон иттер

Оюу үлгүлөрү:

б. Ит таман

в. Иттердин кошогу (тобу)

26-баяндама

а. Бермет мончокторду тагынган киши

Оюу үлгүлөрү:

б. Мончоктор

в. Кишинин башы

58-сүрөт

27-баяндама

а. Олжолуу мергенчилик

Оюу үлгүлөрү:

б. Тоо текенин мүйүзү

в. Кулжа мүйүз

г. Кереге көз

28-баяндама

а. Койдун сөөгүн чокуу менен алек болгон каргалар

Оюу үлгүлөрү:

б. Карганын бармагы

в. Кулжа мүйүз

г. Сөөк

59 - с үрөт

29-баяндама

а. Чымындан жадаган аттар

Оюу үлгүлөрү:

б. Чымын канат

в. Аттын такасы

г. Аттын туягы

30-баяндама

а. Жайлоодогу аркарды акмалаган иттер

Оюу үлгүлөрү:

б. Жалбырак

в. Аркардын башы

г. Ит куйрук

60 - с үрөт

31-баяндама

а. Мыкты такаланган атчан меймандар тойго келип түшүштү. Аларга арналып койлор союлуп, эт тартылды. Той аяктаар ченде меймандар ооз комуз кагып, көңүл ачып жатышат.

Оюу үлгүлөрү:

б. Аттын такасы

в. Ооз комуз

г. Койдун омурткасы

32-баяндама

а. "Теңирим кургакчылык болтурбай, мал-жанды (жылкыларды) аман кылсын" деген каалоону билдирген тумар.

Оюу үлгүлөрү:

б. Тумар

в. Куу бутак

г. Билерик

61 - с үрөт

33-баяндама

а. Наристенин өмүрүн колдоп, бакыт алып келүүчү тумар.

Оюуүлгүлөрү:

б. Тумар

в. Жаңырган ай

г. Умай эне

34-баяндама

а. Эки булактын кошулган жериндеги жалбыректардын арасында жаткан жыландар.

Оюу үлгүлөрү:

б. Жалбырак

в. Булак

г. Жылан

62 - с ү р ө т

35-баяндама

а. Бугунун изине түшкөн итти акмалаган карга.

Оюу үлгүлөрү:

б. Бугунун мүйүзү

в. Ит куйрук

г. Карга тырмак

36-баяндама

а. Соолуган булактардын үстүнөн учуп өткөн көгүчкөн.

Оюу үлгүлөрү:

б. Көгүчкөн

в. Куу бутак

г. Булак

6 3 - с үрөт

37-баяндама

а. Жайлоодо эки уйду катар жара тарткан жолборс.

Оюу үлгүлөрү:

б. Жалбырак

в. Жолборс

г. Уйдун мүйүзү

38-баяндама

а. "Мол түшүм болуп, элге токчулук заман орносун" деген тилек.

Оюу үлгүлөрү:

б. Буурсун тиш

в. Тумар

г. Койдун омурткасы

6 4 - с үрөт

39-баяндама

а. "Кой көп союлуп эт мол болсо, карга да ток болот" (каалоо).

Оюу үлгүлөрү:

б. Койдун омурткасы

в. Тумар

г. Карганын бармагы

40-баяндама

а. "Кишенделген кишиге карга-кузгун үйүр" (ылакап).

Оюу үлгүлөрү:

б. Беш манжа
в. Карга тырмак
г. Кишен

65-сүрөт

41-баяндама

а. Илбирстин жана тоо текенин ашатылып, шуру-мончок чөгөрүлгөн териси.

Оюу үлгүлөрү:

б. Илбирс
в. Тоо текенин мүйүзү
г. Ийрек
д. Мончоктор

42-баяндама

а. Меймандарга бугунун жана кулжанын этин мурч сээп тартышты.

Оюу үлгүлөрү:

б. Бугунун мүйүзү
в. Кулжа мүйүз
г. Калемпир (мурч)
д. Кашык

66-сүрөт

43-баяндама

а. "Кобул" чыгарылып кооздолгон жаргак шымчан мергенчи мыкты такаланган атын кыялай бастырып, бийик тоодогу аркарды акмалап баратат.

Оюу үлгүлөрү:

б. Кобул
в. Кыя жол
г. Аттын такасы
д. Аттын туягы
е. Аркардын туягы

44-баяндама

а. Төрдөгү меймандарга эки тоо текенин жана төрт кыргоолдун эти тартылды. Чыдамсыздык менен акыя таштанды күткөн төрт карга боз үйдүн түндүгүндө отурат.

Оюу үлгүлөрү:

б. Кереге көз
в. Карганын бармагы
г. Кашык
д. Тоо текенин мүйүзү
е. Кыргоол

67-сүрөт

45-баяндама

а. Ай жаңырган маал. Кечкурун боз үйдө "кобул" салынып кооздолгон жаргак шымчан кишилер отурат. Алардын алдына кулжанын эти тартылып, эттин көптүгүнөн каргаларга да таштальды (Сайма).

Оюу үлгүлөрү:

б. Кулжа мүйүз
в. Кобул
г. Кереге көз
д. Жаңырган ай
е. Каргаңын бармагы
ж. Кашык

68-сүрөт

46-баяндама

а. Жазгы жайлоонун бийик төрүнө чыгуучу кыя жолдун боюнда жаткан буурсун жаңырган айдын жарыгынан көрүнүп турат. Берээкте тигилген боз үйдө саймаланып кооздолгон ат жабуу салынган. Үй ээси мейман жоросу менен дем алууда. (Күмүш сөйкөнүн бетине түшүрүлгөн оюм).

Оюу үлгүлөрү:

б. Буурсун тиши
а. Ачылып келаткан гүл
г. Ат жабуу
д. Жаңырган ай
е. Боз үй
ж. Кишинин буту
з. Кыя жол

69-сүрөт

47-баяндама

Өрөөндө пахта ачылып калган учур. Али да болсо кызыл-тазыл гүлгө бөлөнгөн жайлоо бүгүн түн кучагында. Асманда бирин-серин ала булут каалгыйт. Жарганаттын учканы жана эч нерседен капары жок кепшеп турган тоо текелер көрүнөт. Шоңшогой боз үйлөргө жакын жерде жалбырактар менен чала жабылган кайык жатат. Ичкериде кооз ала кийиздер салынган. Анда отурган кобул чыгарылып саймаланган жаргак шымчан кишилерге кулжанын эти тартылды. (Сайма).

Оюу үлгүлөрү:

а. Гүл
б. Жалбырак
в. Кайык
г. Шоңшогой боз үй
д. Кулжанын омурткасы
е. Пахта
ж. Тоо текенин мүйүзү
з. Жарганат
и. Булут
к. Кобул
л. Кулжа мүйүз

Жумгал аймагындагы Бостон айыл колхозунан Ашыр деген колхозчунун үйүндө сүрөткө түшүрүлгөн.

70 - с үрөт

48-баяндама

Чөбү буралып мол өскөн бийик тоолуу жайлоодо байдын малы багылат. Мындагы кээ бир койчулар өрөөнгө түшүп буурсун менен жер тилип, эгинин сээп бүтүрүп коюшкан эле. Алар турган боз үйдүн чала тартылган түндүгүнөн жаңырган айдын шооласы жымыңдайт.

Ушул маалда койчулар мыкты такаланган аттарын токуп миништи да, кыя жолдогу бирин-серин бадалга далдаланып жогору бастырышты. Булар жете келген коңшу айылда да кыйынчылык турмуштан жапа чегишкен кедей-койчулар турушчу. Аттарынан түшүшүп, кургак бутактардан алоолонто от жагышты. Беркилерге ай балталарын камдоого жардам беришти.

Качан түн кирип, айлананы коюу караңгылык каптаганда кедей койчулар колдоруна ай балталарын алышып, чогуу кайра аттанышты. Бүгүн булар жайлоонун төрүндөгү ак өргөө тарапка бет алышмак. Улам кыялап бийиктеген сайын беймарал жайылып жүргөн аркар-кулжа менен бугудан бөлөк эч жан көрүнбөйт. Айлана жымжырт мемирейт. Кедей койчулардын ак өргөөгө жете келишкенин бутакта кон *гон каргалар да, бейкапар кепшеп турган эчкилер да туюшкан жок.

Ак өргөөдө ыйык тумар бар болчу. Ал байдын байлыгы менен дөөлөтүн, малы менен мүлкүн сактаган. Анын малы жайылган жайыттарды булактын суусун сактап турган тумарлары да болгон. Ак өргөөнүн ээси дайыма токчулук менен молчулук заманда өмүр сүрүп, кобул чыгарылып жасалган кооз жаргак шымынын белине өзгөчө ыйык тумарды курчанып жүрчү. Умай эненин элесин сүрөттөгөн бул тумар аны жана анын балдарын суук көздөрдөн сактаган. Ал эми ак өргөөнүн төбөсүнө орнотулган аркардын мүйүзү анын байлыгынын белгиси болгон.

Ак өргөөнүн ары жагындагы самсаалап эскирген боз үйлөрдө байдан өз укуктарын талап кылган кедей койчулар камакта жатышкан. Буттарына кишен салынган койчуларга байдын дасторконунан калган калдыктарды берише турган. Камакта жаткан кедей койчуларды да, байдын сан жеткис малын да куралдуу жигиттер арсылдап үргөн иттер менен кайтарып турушчу.

Жакадагы өрөөндөн келишкен койчулар күзөтчүлөрдүн боз үйүн эч тоскоолдуксуз эле басып алышты. Байдын өргүп жаткан короо-короо кой-эчкисин айланып өтүштү да ак өргөөгө жакындашты.

Кечке жуук келишкен меймандар бул учурда той-тамашанын үстүндө эле. Сыртта меймандардын мыкты такаланган аттары байланып турат. Үй ээси меймандарга арнап уй жана көп кой сойду. Табакты кенен тартты. Эт жеп болгон соң, меймандар ооз комузда ойноп көңүл ачышты. Той-тамаша аяктаары менен ак өргөөнүн улагасына саймаланган кооз ат жабуу салынып, бармактарына оймок боосун

байланган аялдар тегерете отурушту. Аларга кымыз сунулду. Күтүлбөгөн жерден ак өргөөгө жулунуп кирген кедей койчулар байды жазалап, кишенделген койчуларды боштондукка чыгарышты.

71 - сүрөт

48-баяндаманын оюу үлгүлөрү:

а. Жаңырган ай
б. Кереге көз
в. Тай туяк
г. Койдун мүйүзү
д. Жалбырак
е. Буурсун тиши
ж. Аттын туягы
з. Аттын такасы
и. Кыя жол
к. Кедей койчунун боз үйү
л. Кургак бутак
м. Алоо
н. Ай балта
о. Беш манжа
ө. Кулжанын башы
п. Бугунун мүйүзү
р. Ак өргөө
с. Карга тырмак

72 - сүрөт

48-баяндаманын оюу үлгүлөрү:

а. Текенин мүйүзү
б. Тумар
в. Булак
г. Гүл
д. Бермет мончоктор
е. Ит куйрук
ж. Аттын такасы
з. Койдун омурткасы
и. Уйдун башы
к. Ооз комуз
л. Оймок боо
м. Көөкөр
н. Ат жабуу
о. Умай эне
ө. Киши
п. Кобул
р. Чынжырдын тогоосу
с. Сөөк

Күмүш чөгөрүлгөн жана наар түшүрүлүп асемделген чакан жагданга жасалган атайын жапкыч. Саймасы кытайдын кара баркытына кыргыздын илме шибегеси менен сайылган.

1938-жылдын декабрь айында Сарыкамыш ашуусунда Нусубалы Акымбаевдин аңчылык боз үйүнөн сүрөткө түшүрүлгөн.

1-баяндама



2-баяндама





а.

3-баяндама

б.



а.

4-баяндама



б.

48-сурет.

5-баяндама

6-баяндама

49-сурет.

7-баяндама



8-баяндама



50-сурет.

9-баяндама



10-баяндама



11-баяндама



51-сурет.

12-баяндама

а.

б.

в.

13-баяндама



а.



б.



в

14-баяндама



а.

б.

в.

52-сурет.

15-баяндама



а.

в.

б.

16-баяндама

а.

б.

в.

17-баяндама



а.



б.



в.

53-сурет.

18-баяндама



19-баяндама



54-сурет.

20-баяндама



а. б. в.

21-баяндама



а. в.

б.

55-сурет.

22-оаяндама



23-баяндама

24-баяндама



56-сурет.

25-баяндама



26-баяндама



57-сурет.

27-баяндама

28-баяндама



58-сурет.

29-баяндама



30-баяндама



59-сүрөт.

31-баяндама

а.

б. в. г.

32-баяндама



а. в. г. б.

60-сурет.

33-баяндама

34-баяндама



61-сурет.

35-баяндама



36-баяндама



62-сурет.

37-баяндама



а.



в.

б.

г.

38-баяндама



а.

б.

в.



г.

63-сурет.

39-баяндама



40-баяндама

64-сурет.

41-баяндама



42-баяндама



65-сурет.

43-баяндама

а.

б.

г.

д.

в.

е.

44-баяндама

а.

б.



г.

в.

д.

е.

66-сурет.

45-баяндама



а.

б.



г.

е.

в.

д.



ж.

67-сурет.

46-баяндама

68-сурет.

47-баяндама



69-сурет.

70-сурет.



71-сурет.

72-сурет.

ТОЛУКТООЧУ ОЮМДАР БӨЛҮМҮ

(73 - 77-сүрөттөр)

Урматтуу окурман, биз бул бөлүмдө М. В. Рындиндин материалдарында мурда көрсөтүлбөгөн жана азыркы учурда кыргыз оймосунда кеңири колдонулуп жүргөн айрым оюу үлгүлөрү жөнүндө азыноолак кеп кылмакчыбыз. Ал оюу үлгүлөрү деле кыргыз оймосунун негизги оюу үлгүлөрү менен катар моюн алыша жашап келаткандыгы белгилүү. Анткени, азыркы уздардын айтымына караганда бул оюмдардын көпчүлүгү мурдатан эле колдонулуп келген. Жалпысынан элге таралып, сиңип, кыргыз оймосунун оюу үлгүсү катары кызмат аткарып жатышат. Булардын айрымдары гана жергебиздин кээ бир чектелүү аймактарынын уздарына белгилүү болгон оюмдар. Мисалы, түштүк чеберлерине таандык "калемпир", "анар", "пахта", "жүзүм" оюмдары башка аймактарда өтө сейрек учурайт. Ал эми "сыңар мүйүз" (74-а сүрөт), "араа тиш" (76-г сүрөт), "байчечекей" (75-б сүрөт), "табак" (77-б сүрөт), "суу" (73-а сүрөт) сыяктуу оюмдар бардык аймакка бирдей таралгандыгы байкалат.

Эмесе урматтуу окурман, бул оюу үлгүлөрү жаш муундагы ар бир уз менен устанын кыргыз оймосун тааныш-билүүгө болгон көз карашын кеңейте алаары шексиз. Мурда аталыштарын гана угуп, элеске алынбаган оюу үлгүлөрү бүгүн алар үчүн зор ачылыш.

Бул бөлүмдө да китептин III чоң бөлүмүндөгүдөй эле табият кубулуштарын (73-сүрөт), жандуу нерселерди (74-сүрөт), өсүмдүктөр дүйнөсүн (75-сүрөт) жана тиричилик буюмдарын (76-сүрөт) сүрөттөөчү оюу үлгүлөрү бар экендиги талдоо учурунда айкын болор.

73 - сүрөт

а. Суу

б. Жылдызча

в. Төрт кулак

г. Толкун (ит куйрук)

д. Айчык

74 - сүрөт

а. Сыңар мүйүз

б. Жүрөкчө

в. Өркөч

г. Тоок көз

д. Каз моюн

е. Жагалмай канат

ж. Чычкан изи (чуурутма)

з. Каркыра канат

75 - сүрөт

а. Кырк шак

б. Байчечекей

в. Жоогазын

г. Мандалак

д. Анар

е. Балаты

ж. Кыргак (дан кылканы)

з. Жүзүм

и. Бадам

76 - сүрөт

а. Таракча (айрыча)

б. Комуз тили

в. Чомүч сап

г. Араа тиши (бычак учу)

д. Туткуч

77 - сүрөт

а. Кыял

б. Табак

"Суу" (73-а сүрөт) оюму мейли саймада, мейли кийизде болсун жердик менен оюм-чийимдин ортосун бөлүп, чектеп туруучу милдетти аткарат. Ал көп учурда сызыкча түрүндө берилет. Кээде сызыкча эки же үч түстөгү сыныктардан куралат. "Суу" оюмунун көркүн арттыруу үчүн уздар сызыкчага "тоок көз", "байчечекей", "чымын канат" өндүү оюу үлгүлөрүн жалгаштыра сүрөттөп жүрүшөт. Ал эми кээ бир уздар "суу" оюмунун татаал тизмектерин да жаратып жатышканын көрөбүз.

"Толкун" (73-г сүрөт) оюму көркөм кол өнөрчүлүгүнүн дээрлик бардык түрүндө колдонулууда. Өзүнүн ийкемдүүлүгү менен бул оюм жердиктин да, форманын да түрүн тандабайт. "Бир караса толкунду элестетет, бир караса "ит куйрукту" сүрөттөйт" - деп уздар айтышат. "Толкун" оюмунун кээ бир аймакта "ит куйрук" аталышы ушундан болсо керек.

Ал эми "жылдызча" (73-б сүрөт), "айчык" (73-д сүрөт) жана "төрт кулак" (73-в сүрөт) оюмдары да кыргыз оймосунда кеңири колдонулат. "Жылдызча" оюму көрүнүшү жагынан "тогуз дөбө гүл" оюмуна абдан жакын. Бул оюм "төрт кулак" оюму сыяктуу эле куракчылык өнөрүндө арбын кездешет. "Айчык" оюму болсо, "жаңырган ай" оюмунун эле өзү. Бирок, бир гана өзгөчөлүгү ортоңку бөлүгүндө "жалбырак" менен "аркар мүйүздүн" кошо сүрөттөлүшү. Бул көрүнүш "айчык" оюмунун көркүн ачып, айырмалап турат.

"Сыңар мүйүз" (74-а сүрөт) оюму "аркар мүйүз" оюмунун жарым көрүнүшүн сүрөттөйт. Калк ичинде бул оюм "сынык мүйүз", "жалгыз мүйүз" деген аталыштар менен да белгилүү. Өзүнүн ийкемдүү жана жөнөкөй түзүлүшү менен саймада, кийизде, килемде жана чийде бирдей катыш жасайт. Көрүнүшү жагынан "айлампа" оюмуна окшош. Бирок "сыңар мүйүз" оюмунун "айлампа" оюмунан айырмалоочу белгиси - анын буралуу санынын аздыгы.

"Жүрөкчө" (74-б сүрөт) оюму кыргыз оймосундагы өзгөчө көрүнүшкө ээ оюмдардын бири. Ал "жалбырак" оюмуна окшош сүрөттөлөт да, өз тегиздигинде башка оюу үлгүлөрүн кошо чагылдыруу касиетине ээ. Мисалы "жүрөкчө" оюмунун тегиздигинен "кочкор мүйүз", "теке мүйүз", "байчечекей" сыяктуу оюмдарды көрүүгө болот.

"Өркөч" (74-в сүрөт) оюму төөнүн өркөчүнүн элесин чагылдыргандыктан улам ушул аталышка ээ болгон сыяктанат. "Араа тиш" (76-г сүрөт) оюму сыяктуу эле "өркөч" оюму да жаңаша тизилген үч бурчтуктардан түзүлөт. Бирок "араа тиш" оюму ачык айырмалуу эки түстөгү (ак-кара, сары-кара) араа тиштеринин элесин берсе, "өркөч" оюмунда учтары бир тарабына жантайыңкы үч бурчтуктардын коюу түстөгү (көк, күрөң, кара) сызыктар менен чектелген түзүлүшүн көрөбүз. Ошондуктан "өркөч" оюмунда жердик менен оюм бир өндө берилет. Кыргыз уздарынын арасында "араа тиш" оюмунун "бычак учу", "сан тоо", "керме тоо" деген аталыштары да бар. Бул оюм ала кийиз, шырдак, таар, килем сыяктуу буюмдардын басымдуу оюмдарын бири.

"Тоок көз" (74-г сүрөт) оюму саймачылыкта эң эле арбын колдонулат. Өзүнүн түзүлүшү жагынан да эң жөнөкөй оюм. Тегерек шакекчени элестетет да, ортосунда көзчөнү сүрөттөйт. "Тоок көз" оюму көпчүлүк учурда "суу" оюмун жандайт.

"Каз моюн" (74-д сүрөт) оюму көрүнүшү жагынан "ит куйрук" оюмуна өтө эле жакын. Аны "ит куйрук" оюмунан айырмалоочу белгиси - учтарынын ачаланып экиге ажырап сүрөттөлүшү. "Каз моюн" оюму көбүнчө сайма жээктерине "суу" жүргүзүүдө кеңири колдонулууда.

Көпчүлүк учурда "жагалмай канат" (74-е сүрөт) оюмун ала кийиз, шырдак жээктеринен учуратабыз. Уздар эки түстү алмак-салмак каршы-терши жайгаштыра "жагалмай канат" оюмун оюп, кызыктуу айкалыштагы оюм тизмегин жаратышат. "Бүркүттүн канаты" оюмуна үндөшүп турган бул оюм саймада да колдонулат.

"Чычкан изи" (74-ж сүрөт) оюму түз катарга жайгашкан майда үч бурчтук тактардын (чекиттин) элесин берет. Бул саймачылыкта "суу" жүгүртүү учурунда ачык көрүнөт. Коюу түстөгү (кочкул көк, кара) жердик бетине уздар ак, же сары өндөгү жиптен "чычкан изи" оюмун түшүрүшөт.

"Каркыра канат" (74-з сүрөт) оюму "жагалмай канат" жана "бүркүттүн канаты" оюмдарынан кескин айырмаланат. Анткени анын уздар менен куракчылардын учкул кыял чабытынан жаралгандыгын баамдайбыз. Мында алар каркыранын тизилип учканын үч бурчтуктардын жардамы аркылуу өтө чебердик менен чагылдыруурга аракеттенишкендиги көрүнүп турат. "Каркыра канат" оюмундагы үч бурчтуктарды өзөзүнчө бөлсөк, бизге белгилүү "тумар" оюму келип чыгат. Куракчылыкта, килемде жана терме таарларда кеңири колдонулуучу оюмдардын катарына кирет.

"Кырк шак" (75-а сүрөт) оюму[1] кыргыз оймосунун эзелки оюу үлгүлөрүнүн бири. Ал шактары ылдый ийилген дарак түспөлдө сүрөттөлөт. Мында ийилген шактардын элесин "бадам" (75-и сүрөт), же "кочкор мүйүз" оюмдарынын кырка тизмеги түзүп, "кырк шак" оюмун кайталангыс көрүнүшкө ээ кылат. "Кырк шак" оюму беш жуптан он, же жети жуптан он төрт шакты сүрөттөп, сайма менен килемде бирдей колдонула берет. Бирок башка килем оюмдары сыяктуу эле анын бурчтары килемде чарчыланган көрүнүшкө өтүп кеткендигин баамдайбыз.

Кыргыз жергесинин сулуулугу жана кызыл-тазыл гүлдөргө бай кооз өрөөндөрү негедир уздардын чыгармачыл эргүүсүнө шыкак берип тургансыйт. Балким кыргыз оймосунда өтө көп кездешкен түркүн гүлдөрдүн элесин чагылдырган оюмдар алардын кыялдануу чабытынан жаралып жүрбөсүн.

Бүгүнкү уздар байчечекей, жоогазын, мандалак сыяктуу гүлдөрдү сайма жана шырдак оюмдары менен бирге кооштура кубултуп, укмуштуудай кооздуктарды түзүп жатышат. "Байчечекей" (75-б сүрөт) оюму үч ача тартып, кудум байчечекейдин түспөлүн сүрөттөйт. Ал эми "жоогазын" (75-в сүрөт) жана "мандалак" (75-г сүрөт) оюмдары Ала-Тоонун бажырайган кыпкызыл гүлдөрүн көз алдыга тартат.

Дан кылканын элестеткен "кыргак" (75-ж сүрөт) оюму көрүнүшү жагынан "кишинин кашы" оюмуна жакын экендигин көрөбүз. "Кыргак" оюму түз жана ийилген калыбында сүрөттөлөт. Элдик чебер-уз Ж.Аралбаева "кыргак" оюмунун автору катары өзүнүн саймаларында көп колдонот. Ошондуктан бул оюм уздар арасында "Жеңилдиктин кыргак оюму" деген ат менен белгилүү.

1 К.К.Юдахин. Кыргызча-орусча сөздүк, СЭ, - М:, 1965

"Бадам" (75-и сүрөт) оюму көрүнүшү жагынан "кыргоол" оюмуна өтө эле окшош оюу үлгүсүнүн жуп сүрөттөлүшүн назарыбызга сунат. Ошондуктан "бадам" оюмун тепетең ортосунан бөлүп, өз-өзүнчө сүрөттөй турган болсок, ал "жарым бадам", же "кыргоол" деген аталышка ээ болот. Ырасын айтканда, кыргыз оймосунда азыр кеңири колдонулган "жарым бадам" оюму "кыргоол" оюмунун көрүнүшүн толук кайталайт десек аша чапкандык болбос эле. Айрым уздардын айтымында "бадам" оюму "анар", "пахта", "калемпир", "жүзүм" оюмдары сыяктуу эле өзбек, тажик оюмдарынан кыргыз оймосуна сиңип кирген оюм деп түшүнөбүз. "Жарым бадам" оюмуна окшош оюу үлгүсү "шугла" деген ат менен казак оймосунда да белгилүү экендигин эскерте кетишибиз керек[1].

"Кыргоол" оюму Кыргызстандын кайсы аймагында колдонулгандыгы жана аныкталгандыгы Рындиндин китебинде көрсөтүлгөн эмес. Жөн гана, бул оюм өсүмдүктү сүрөттөөдөн эмес, тескерисинче жаныбарды (кыргоолду) сүрөттөөдөн келип чыккан деп айтылат, ал китепте.

Ал эми түштүк чеберлеринде кеңири таанымал "бадам" оюму өсүмдүктү сүрөттөйт. Тактап айтканда, бадамдын жалбырагын сүрөттөп турганын баамдайбыз. (Бадам - Кыргызстандын түштүгүндө Чаткал, Алай тоолорунда өсүүчү кургакчылыкка байымдуу ширин данектүү жапыс дарак[2]). Ушундан улам бул көркөм элестүү оюм "кыргоол" жана "бадам" деген аттар менен Кыргызстандын түндүк-түштүк чеберлерине текши тараса керек деген тыянакка келебиз. Бирок, бул оюмду бүгүнкү уздардын тилинде "кыргоолго" караганда "бадам" деген аталышта көп учуратууга болот.

"Балаты" (75-е сүрөт) оюму түзүлүшү жагынан өтө жөнөкөй. "Анар" (75-д сүрөт) жана "жүзүм" (75-з сүрөт) оюмдары сыяктуу эле "балаты" оюму да саймачылык өнөрүндө кеңири колдонулат.

Тиричилик буюмдарын чагылдыруучу "таракча" (76-а сүрөт), "комуз тили" (76-б сүрөт), "чөмүч сап" (76-в сүрөт), "араа тиши (76-г сүрөт), "туткуч" (76-д сүрөт) оюмдарын да азыркы чеберлер менен уздар арбын урунушат. Мындан тышкары, бул бөлүмдө эл ичин кеңири аралаган "кыял" (77-а сүрөт) жана "табакча" (77-б сүрөт) өңдүү оюмдар бар. "Кыял" оюмунун курамы өсүмдүктар менен жаныбарларды чагылдырган оюу үлгүлөрүнүн узун тилкедеги алмак-салмак чексиз кайталанышын көрсөтөт. Ошондуктан "кыял", "табакча" оюмдарынын композициялык курамдары ар кыл жана эң көп санда.

Бул китептин толуктоочу оюмдар бөлүмүн даярдоодо элдик чебер-уз Жеңилдик Аралбаеванын; Бишкектеги "Мураскер" элдик көркөм кол өнөрчүлөр окуу жайынын устаты, чебер-уз Макен Жапарованын жана белгилүү көркөм өнөр таануучу Амантур Акматалиевдин кеп-кеңештери пайдаланылды. Автор бул адамдарга терең ыраазычылыгын билдирет.

1 У.Джанибеков. Эхо. Алма-Ата, 1990, стр. 160.
2 КСЭ, 1-том, 438-бет.



73-сурет.

74-сурет.

75-сурет.



76-сурет.

а.

б.

77-сурөт.



Оюм тизмектери



Оюм тизмектери

М А З М У Н У

1. Кириш сөз 3
2. I бөлүм Кыргыз оймосунун үлгүлөрү 12
3.II бөлүм Оймодогу түстүү сүрөттөр 25
4. III бөлүм
Кыргыз оймосунун негизги оюу үлгүлөрү 37
5. IY бөлүм
Чыныгы элестерди чагылдырган оюмдар 74
6. Y бөлүм
Оюунун өркүндөө баскычы 78
7. YI бөлүм
Баяндамалуу оюу айкалыштарынын түзүлүшү 87
8. Толуктоочу оюмдар бөлүмү 123

Профессиональное образование
Учебное издание

Моңолдоров Шейшембек Кебекович
КЫРГЫЗСКИЕ НАЦИОНАЛЬНЫЕ УЗОРЫ
Учебное пособие для профессиональных училищ
Редакционно-издательский отдел малого предприятия "Кесип"
(На кыргызском языке)
Кесиптик билим берүү
Окуу басылмасы

Моңолдоров Шейшембек Кебекович
КЫРГЫЗДЫН УЛУТТУК ОЮМ-ЧИЙИМДЕРИ
Кесиптик окуу жайлары үчүн окуу куралы
"Кесип" чакан ишкана редакциялык басма болүмү
Редактору А.А.Давлетбаев
Сүрөт редактору К.К.Коеналиев
Техн. редактору С.З.Нурмиева
Корректору Г.А.Жумалиева
ИБОЗ

Терүүгө 22.12.92. берилди. Басууга 20.09.93. кол коюлду. Офсетная № 2 кагазы. Кагаздын форматы 70x90 1/16. Адабий арибп. Түстүү ыкма менен басылды 8,5 физ.басма табак, 9,94 шарттуу басма табак. 8,69 учёттук басма табак,
Нускасы 5000. Заказ N 47. Келишим баада.

"Кесип" чакан ишкана редакциялык басма болүмү
720000, ГСП, Бишкек ш., Тыныстанов көчөсү, 215